

3 Жаңы жылды пайдалуу тосуу

10 Чындык сөзүн айтпаса, акындыкта не пайда




# САРЕСЕП

31-декабрь, 2015-жыл
№33 (33)
saresep.kg
Калыс көз караш!




Программалоо – супер жөндөм

7-бетте



Түрк менен оруска арачылык кылууга ал бардыр...

12-бетте



«Аялына билдирбей алам дейт?!»

14-бетте



## Нуржигит Кадырбеков: «Самурай кылычын дайыма курч кармайт»

9-бетте

## Куттуктайбыз!



«Саресеп» гезити бардык кыргызстандыктарды жаңы 2016-жылы менен куттуктайт! Өнүгүүгө тоскоол болгон бардык терс сапаттарын эски жылга калтырып, ата-бабабыздан калган асыл мурастарды кайра жандандырууга Жараткандан эрк, күч-кубат жана туруктуулукту тилейбиз. Улук Алла Таала өлкөбүздү дайыма колдосун!


GREEN CLINIC

## Микрохирургия


Биздин клиниканын жогорку квалификациялуу адистери европалыктардыкындай сурма, хирургиялык жол менен ашыкча майлардан арылтуу, бетти тарттыруу, көкүрөк жана эриндердин пластикасы ж.б. ушул сыяктуу микрохирургиялык операцияларды жасашат







**Тел.:** 0312-89-92-42
**Моб.тел.:** 0708-89-92-42, 0770 -89-92-42
**Дарек:** Исанов көч. 118 / Фрунзе көч. кесилишинде



## Кыргызстан электрэнергияны сатып алат

Бул тууралуу 30-декабрда Бишкекте премьер-министр Темир Сариевдин катышуусунда өтүп жаткан жыйында өкмөт башчынын кеңешчиси Кубанычбек Турдубаев: "Биз алдын ала чара көрөлү деп жатабыз. Казакстандык кесипкештер менен бул багытта сүйлөшүүлөрдү жүргүздүк. Бүгүн-эртең чечим чыгарабыз", - деп билдирген.

Турдубаев Токтогул ГЭСиндеги кабелдерди оңдоо иштери жүрүп жатканын, ремонт иштерин 15-январга бүткөрүү пландалып жатканын кошумчалады.

28-декабрь күнү ГЭСтеги кабелдерде май тамганына байланыштуу эки генератор өчүрүлгөн эле. Мындан улам, электр энергиясына чектөө киргизилип, бир күндөн соң майрамга байланыштуу өчүрүүлөр убактылуу токтотулган. Учурда Орусиядан чакыртылган адистер оңдоо иштерин жүргүзүүдө.



## Москвада кыргыз жараны тоноолду

Москванын батыш тарабында белгисиз үч адам Кыргызстандын жаранын подъезддин кире беришинен тоноп, 7 миллион рублин алып кетишкен. Бул тууралуу lenta.ru маалымат кызматы Орусиянын ИИМинин шаардык башкармалыгынын пресс-кызматынын малыматынан билдирүү жасаган. 40 жаштагы жабырлануучунун айтуусу боюнча бул окуя 28-декабрда саат 18-00дөр чамасында болгон. Денис Давыдов көчөсүнүн боюндагы үйдүн подъездине белгисиз үч эркек басып келип, анын 7 миллион рублин тартып алып, из жашырып кетишкен.

Жабырлануучу арызды кийинки күнү кечинде жазган. Ал муну убагында полицияга кабарлабаганын себебин ошол учурда өзүн жаман сезип жатып калганына байланыштырган. Бул боюнча Орусиянын Кылмыш кодексинин «Карактоо" деген 161-беренеси боюнча кылмыш иши козголгон.

# Акыйкатчы шайланды



30-декабрда Жогорку Кеңеш Акыйкатчы кызматына талапкерлердин программасын угуп, КТРКнын экс-гендиректору Кубат Оторбаевди бул макамга татыктуу деп тапты.

Эсептик комиссиянын төрагасы Узарбек Жылкыбаевдин айтымында Акыйкатчыны шайлоого 120 бюллетень даярдалып, алардын 115 колдонулуп, 5 жараксыз деп табылган. Баарына каршы добуш бергендер жок. Шайлоонун натыйжасында Рита Карасартова менен Алишер Мамасалиевди 26дан эл өкүлү колдоп, депутаттардын 63ү Кубат Оторбаевге добуш берген.

Акыйкатчы институтун башкаруу үчүн адегенде 36 талапкер аттанып чыгышкан. Фракция жана тиешелүү комитеттер булардын ичинен иргеп отуруп, жетөөнү тандап алышкан эле. Жети талапкердин үчөө, мурдагы депутаттар Нуркамил Мадалиев, Абдыжапар Бегматов жана Толкун Исаков өз талапкерлигин алып койду. Жогорку Кеңештин басма сөз кызматы билдиргендей, бул кызматка КСДП фракциясы Кубат Оторбаевди, "Республика-Ата-Журт" Рита Карасартованы, "Кыргызстан" фракциясы Нуркамил Мадалиевди, "Ата Мекен" Мавлян Аскарбеков менен Толкун Исаковду, "Бир Бол" фракциясы Абдыжапар Бекматовду, "Өнүгүү-Прогресс" - Алишер Мамасалиевди көрсөтүшкөн.

Акыйкатчылык кызматка бара жаткан 4-талапкер Мавлян Аскарбеков өзүнүн талапкерлигин алып салды. Ал бул тууралуу 30-декабрда Жогорку Кеңештин отурумунда билдирген. Ал Кубат Оторбаев менен Алишер Мамасалиевден да талапкерликтерин алып салууну суранып: «Ушундай болсо Рита Карасартова Акыйкатчы болот. Депутаттардан анын талапкерлигин колдоону суранам», - деп кайрылган.

Эскерте кетсек, 10-декабрда өткөн Акыйкатчыны шайлоодо фракциялар сегиз талапкерди сунуштап, үч айлампа менен добуш берүүдө алардын эч кимиси жетиштүү добуш алган эмес.

# Украина ГЭСтерди кура алат



Украинанын Кыргызстандагы элчиси Николай Дорошенко: "Эгер Кыргызстандын Өкмөтү кызыктар болсо, эки өлкөнүн энергетика тармагынын өкүлдөрү катышкан энергетикалык форум өткөрүүгө даяр. Себеби Украина чакан ГЭСтерди курууга пайдаланчу атайын жабдыктар менен толук камсыздай алат. Бул Кыргызстан үчүн да абдан манилүү деп ойлойм. Анткени Кыргызстандын суу ресурстары чакан ГЭСтер үчүн өтө ыңгайлуу. КМШ өлкөлөрүнүн арасынан Кыргызстандын сырткы соода айлануусу боюнча Украина 3-орунда турат. Кыргызстандык ишкерлердин да кызматташууга дилгир экендигин байкоого болот. Украина айыл-чарба тармагында тамак-аш өндүрүү боюнча дүйнөдөгү алдыңкы өлкөлөрдүн катарында. Дүйнөлүк экспортко кумшекер, өсүмдүк майы, буудай сыяктуу тамак-аш өнүмдөрү чыгып жатат. Украина Евробиримдиктин алдындагы шарттарды толук аткарып, учурда визасыз режимге өтүүгө бир эле кадам калды. Айрыкча 2016-жылдын жарымынан тарта Украина жарандары Шенгень зонасына эркин чыгып-кирүү укугуна ээ болот. Бул бардык тараптан алып караганда позитивдүү кадам. Украинага Евробиримдиктин эшиктеринин ачылышы кыргызстандык ишкерлер үчүн да чоң мүмкүнчүлүк. Болгону украиналык ишкерлер менен биргелешкен орток ишканаларды ачуу зарыл. Себеби украиналык ишкерлер евро зонанын талаптарына ылайык товарды өндүрүп келет. Булар Европага керектүү болгон эт, сүт азыктарын мисал кылсак болот. Украина ишкерлери Кыргызстанга инвестор боло алат. Болгону биргелешкен ишканаларды ачып, Кыргызстан тарап салынган инвестициялардын сакталышына кепилдик берүүсү зарыл», - деп билдирди.

# «Марал FM» мыкты радио



"Кыргыз Туусу" гезитинин тандоосу боюнча коомдогу көйгөйлөрдү туура жана түз чагылдырып, коомдун күзгүсү катары кызмат кылып, элдин сүймөнчүлүгүнө ээ болгондугу үчүн "Марал FM" радиосу "Жылдын мыкты радиосу" наамына татыды. Ошондой эле "Жылдын мыкты жетекчиси" наамы аталган радионун жетекчиси Фарухбек Исмаиловго ыйгарылды.

Эске сала кетсек, "Марал" радиосу 4 жылдан бери маалымат, тил, маданият жана адеп-ахлак жаатында программаларды даярдап, эфирге алып чыгат. Ошондой эле, Кыргызстандын 7 дубанында тең обого чыгып келет. «Марал» радиосу: Бишкек 88,5, Ош, Жалал-Абад 93,5, Каракол 105,5, Талас 106,1, Нарын 106,3, Баткен 105,0 жыштыктарында эфирге чыгат. Ошондой эле, онлайн режимде www.maralfm.kg сайтынан угууга болот.

Гезит ээси - ЖЧК "Горизонт Медиа"
Юстиция министрлигиндеги катталуу номери - 1925

САРЕСЕП

**Башкы редактор:** Эсен Өмүракунов
**Редколлегия:** Талгат Деркембаев, Насыпбек Асанбаев

**Кабарчылар:** Айпери Азатбек кызы, Жылдыз Акбар кызы, Таңчолпон Бакытбек кызы, Акылай Туткучева, Рахат Акматова
**Пикир айтуу үчүн E-mail:** saresepkg13@gmail.com

**Реклама жана маркетинг:** Эдил Айдаров
Тел.: (0312) 93 65 55, (0703) 73 82 31
Жарнама үчүн E-mail: saresep@mail.ru
**Design:** Горизонт Медиа

**Дареги:** Бишкек ш., Бөкөнбаев көч., 195/71
**Тел.:** (0312) 45-48-68, (0312) 93-65-55
**www.saresep.kg**
**Facebook:** Сaресеп гезити

**Нускасы: 6300**
**Буйрутма № 3470**
Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалганды. "ММК колдоо борбору" фондунун басмаканасында басылды.

# Президент саясий рухтар менен күрөшүүдө

Саясатчынын салмагы өз мамлекетинде гана реалдуу ченелет жана саясий келечеги ошого жараша аныкталат. Ал тараза туура иштеши үчүн бийликтин туу чокусунда отурган адамдын сөзсүз күчтүү атаандаштары болуусу зарыл



Атаандаштык критерийи жаатынан ажобуз Алмазбек Атамбаевге быйыл атаандаш катары эң биринчи кезекте Аскар Акаев менен Курманбек Бакиев болуп чыга келди. Себеби, бул эки шылуун сээп кеткен чырмооктор Атамбаевди жыга алганчалык тың чыкма боло алышпады. Ошондон уламбы, быйыл Аскар Акаевдин аста-астадан, булуңбурчтан ар кайсы гезиттерде чыга коймою, интернет сайттарга анчамынча маек куруп иймейлери баштады. Саясий серепчилер да, эл да күткөндөй тообо кылып, кетирген каталарын моюндайын деген ниети көрүнбөйт. Акаевдин майтарылган саясий рухун тирилтем дегендер катуу жаңылган. Себеби ал дагы эле Зайнидин Курманов баамдагандай, «отличник комплекси» оорусунан сакая элек. Оо дүйнөгө ошол бойдон эле кетчүдөй көрүнөт. Ал бардык тагдыр тапшырмасын дайыма «бешке» аткараарына бекем ишенип алган. Өтмүшүнөн сабак албайт. Каталарын моюндабайт. Күнөөлөрү үчүн эч кимден кечирим сурабайт. Ошондуктан ага ишенгендерди акыры менменсинүүсүнүн түңгүюгуна кептейт.

Курманбек Бакиев болсо илгери бир гезит карикатура тартып, «боксер башка чыкты» деген сөз менен коштогондой, ары-бери кылчайып койбой эле китеп жазып, маалымат жыйынын өткөрүп жибере салды. Анысы менен кыргыз серепчилери менен карапайым элдин Бакиев тууралуу калыптанып калган катуу пикирин бир сүзүп, чалкасынан түшүп жатып калды. Аны эмдигиче жактап жүргөндөрдү түшүнүү кыйын. Бакиевдикиндей саясий өтмүшү бар адамдардын кайра саясатка кайтуусу үчүн кан төгүлүүсү керек. Кудайга шүгүр, Кыргызстан тарыхынын ал барактарын биротоло жапкан сыяктуу.

Учурда Президентибиз чыныгы атаандаш эмес, өтүп кеткен саясий рухтар менен теңтайлашып турат. Ушундан улам, жыл жыйынтыктаган пресс-конференцияда өзү айткандай, 2017-жылы активдүү саясат сахнасынан чегинүүсү маанилүү. Бирок ошого чейин саясий банкротторду эмес, тетирисинче, саясий болбосо да, башка тармактарда туруктуу ийгиликтерди жаратып, чыныгы жолдошторун тарбиялай алган жаш лидерлерди атаандаштык майданына чыгарганга үлгүрүүсү зарыл.

# "Түрктөр "Орусияга чогуу кирели" дейт"

ЖИА Бизнес ассоциациясынын Төрагасы УмбриэльТемиралиев Бажы биримдигине мүчө болгон күндөн тарта андан келип чыккан экономикалык солгундоолорду калыбына келтирүү жолдоруна токтолуп, ЕАЭБдин жаңы мүмкүнчүлүктөрүн ачып берди



ЕАЭБге киргени биздин экономикада олуттуу өзгөрүүлөр байкалып, экспорттун көлөмү кескин төмөндөп кеткени белгилүү. Бизге Казакстан жана Белоруссия атаандаш болуп, алардын товарлары биздин ишкерлерди кыстап баштаган. Бирок ал кыйынчылыктардын баары артта калды. Азыр тескерисинче, жаңы мүмкүнчүлүктөр ачыла баштады. Анткени Орусия менен Түркиянын ортосундагы саясий тирешүүлөр ортодогу рынокко дагы терс таасирин тийгизди. Ушундан улам, Орусия Түркиядан келчү импорттун баарын токтотту. Андан тышкары мамлекеттик деңгээлде кабыл алынган чечим боюнча курулуш компанияларга дагы тоскоолдук боло баштады. Түркия Орусияга жылына 3 млрд. долларлык товар экспорттоочу экен. Ал эми Москвада түрк курулуш компаниялары жалпы рыноктун үчтөн бирин түзөт. Натыйжада, бул кырдаал дагы жакын арада алмаша баштачудай. Анткени эки элдин ортосундагы келишпестиктен улам, түрк курулушчуларынын орду бошочудай болуп турат. Эми ал орундарды ким толтурушу мүмкүн? Аны биздин Кыргызстандык компаниялар барып толтурушу мүмкүн. Эгер ошол Түркиянын 3 млрд. долларлык экспортунун беш, же он пайызынын эле ээлей алсак, бул биздин улуттук экспорттун 50-60 пайызын түзүп бермек. Анткени 2015-жылы биздин экспорттун жалпы көлөмү 600 млн. долларды түзгөн. Биз текстиль жана тамак-аш өндүрүүнү жакшы өздөштүрүп калдык. Ошондуктан мындай продукцияларды биз оңой эле экспорттой алабыз. Анткени менен жогоруда айтылган тирешүү узакка созулбайт. Себеби эки өлкө тез аранын ичинде эле саясий достошо баштоосу мүмкүн. Мына ошол сүйлөшүүлөр жүргөнгө чейин кан базарда ким орун алып калат, ушул маселе тигинен турган чак. Бул жакка бир эле биз эмес, Казакстан сыяктуу башка өлкөлөр да көз артып отурат. Ошондуктан жакшы мүмкүнчүлүгү бар жана келечегине ишенген компаниялар болсо, аларды биз 22-январда өтө турган форумга чакырмакчыбыз. Форумда Түркиянын күчтүү компаниялары жана ишкерлери болмокчу. Алар биргеликте иштешип, ЕАЭБге кирели деген сунуштары менен бизди чакырып жатат.

# “Саресеп” гезити жаңы жылды өзгөчө тосту

Көптөн бери салтка айланып калган жаңы жыл майрамын дээрлик бардык жамааттар өзгөчө шаан-шөкөт коштолгон шоу-программалар менен тосушат. Жаңы жылды мындай майрамдоо көңүлдүү болгону менен, бир топ чыгымдарга учуратаары да турган кеп. “Саресеп” гезитинин жамааты жаңы жыл үчүн эч кандай деле чыгымга учурабай, тескерисинче, ары көңүлдүү, ары пайдалуу майрамдоону чечип, тоону карай сапар тартты. Шаардын ызы-чуусунан чарчай түшкөн кесиптештерибиз кыргыздын керемет тоолорун аралап, таза аба жуткан соң, көңүлдөрү кыйла сергип, маанайлары болуп көрбөгөндөй көтөрүлдү. Ал эми ылдыйды карай канат байлаган куштай зымырата лыжа тебүүдөн аябай чоң ырахат алдык.















# «Сүтак» тасмасы Оскар алчудай сүйүндүк

Өткөн жылдарга караганда кыргыз киносу бир топко азайганы көрүндү. Бул да жаман эмес. Киночуларыбыздын пикири боюнча сандан-сапатка өтүп баратабыз. Бирок мен буга кошула албайм

### Быйылкы тасманын көбү эсте калган жок

Мына ошентип 2015-жыл да аяктап калды. Бул жылды узатып жатып, жарыкка чыккан тасмалардын баарын сиздер менен чогуу эстеп көрүүнү чечтим. Албетте, 2015-жыл бизге сунуштаган тасманын баарын, белгилүү себептер менен көрө албасаңыздар керек. Ошентсе да, акыркы жылдары кыргыз киносунун алдыга кадам таштап, өнүгүп келатканына байланыштуу канча жана кандай тасмалар жарыкка чыкканын ар бир кыргыз атуулу билгиси келсе керек. Быйылкы тизме эч деле узун болгон жок. Менин эсебим боюнча жыйырмадан ашык тасма жарыкка чыгыптыр. Бул өткөн жылдарга караганда кыргыз киносу бир топко азайганын көргөзөт. Бул да жаман эмес. Киночуларыбыздын пикири боюнча сандан-сапатка өтүп баратабыз. Мен деле ушул пикирдемин. Бирок 2015-жыл алар айткандай, саны менен эле айырмаландыбы же сапаты менен дагыбы? Буга чогуу саресеп салсак:

2015-жыл быссымылда дегенде эле «Биртууганчик» тасмасы менен башталды. Албетте, бул тасманы «искусствонун туу чокусу» дей албайбыз, бирок кино эрежелерин туура колдонуп, туура багытта алып кеткендиги үчүн «Биртууганчикти» алдыга карай кадам катары эсептесек болот. Ал эми өкүнүчтүү жагы, "Биртууганчиктен" кийин кыргыз киносунда эч кандай өзгөчөлүк болбоптур. «Рай 604» жана «Кекеч» тасмалары үмүт берип, көрүүчүлөрдү кызыктыргандай болду эле, анткени менен анда деле таң калтыра турган эч нерсе жок болуп чыкты. Ошондон улам, алар деле катардагы чыгып жүргөн «Убактылуу жигит», же «Ботан жана Купидон», «Поларис шооласы», «Соолуган гүлдөр 2» деген сыяктуу кинолордун арасына кошулуп, унутулуп жок болду. Ошентип жүрүп жаз да келип калды. Бул убакта да далай тасмалар жарыкка чыкты. Бирок тилекке каршы, ал тасмалар качан чыгып, качан жок болгонун эч ким байкаган жок. Айтмакчы, өзүбүз билгендей жаз менен жай мезгили кыргыз киночуларына жагымдуу маанай тартуулабайт. Себеби, бул мезгил кыргыз киносу үчүн өлүк сезон катары эсептелинет.

### Техника баарын чечпейт тура

Күздүн келиши менен эс алуулар аяктап, жаңы окуу жылы башталат. Айыл-аймактардан окуучулар, студенттер келип, кыргыз киносу кайра жанданууга өтөт. Парламенттик шайлоо жакындап калганына байланыштуу жылдын жаңы сезонун «Шайлоо-Жайлоо» тасмасы ачты. Бирок тилеке каршы, чыныгы шайлоо элди кызыктырып, «Шайлоо-Жайлоого» алып келмек түгүл, тескерисинче, бекер концерттери менен көрүүчүлөрдү алаксытып кетти. Албетте, бул негизги себеп эмес. Сапаттуу тасма ар дайым өзүнө көрүүчүнү тарта алат. «Шайлоо-Жайлоо» болсо көрүүчүлөрдү кызыктыра алган жок. «Шайлоо-Жайлоонун» артынан «Сапар» (Путь) тасмасы жарыкка чыкты. Башкалардан кем калбай, «Сапар» дагы кинотеатрлардан бир кылтыйып жылт этип жок болду. Болбосо бу «Сапар» (Путь) тасмасынын маселеси өтө эле чоң. Негизи ал техникалык жактан жогорку деңгээлде, профессионалдык кинотехника менен тартылган. Айтмакчы, «Сапар» тасмасы менен акчанын жоктугу, профессионалдык техникалардын жетишсиздиги негизги маселе эмес экенин көрдүк. Андагы дагы бир маселе, тасманын орус тилинде болгондугу. Албетте биз бала кезден Голливуддун, Орусиянын кинолорун көрө берип таасирленип калганбыз. Орус тилдүү кино жакшыраак тартылгандай сезилет. Бирок орус тилинде тартылган кандай кино болбосун, сызга отурат. Анткени кыргыз киносуна көрүүчүлөр кыргызча кино көрүш үчүн барат.

### Күздө бир аз молчулук байкалды

Негизи эле күз мезгилинде Кыргыз киносу өтө жандуу болот. Бул жагынан 2015-жыл дагы башка жылдардан айырмаланган жок. «Сапар» тасмасынын артынан биздин алдыңкы режиссёрлорубуздун бири Актан Арым Кубаттын уулу Мирлан Абдыкалыковдун «Сүтак» тасмасы экрандарда пайда болду. «Сүтакты» Оскарга чейин жөнөтүп, узун тизмедеги 100 тасманын арасына киргенин айтып бүтпөй, эртең эле Оскар алчудай сүйүндүк. Бирок канчалык Оскарга жармашканына карабай, биздин эл бул тасманы баалап, кинотеатрларды толтуруп берген жок.

Күзгү сезонду «Көпөлөк» тасмасы көрүүчүлөрдү ыйлатып отуруп жыйынтыктады. Көптөн бери ээнсирей түшкөн кинотеатрларды жандандырып, көрүүчүлөрдү кызыктыра алды. Азыркы күндө «Учкуч» менен «Курут» тасмалары «Көпөлөк» менен эрегишип турган кези. Ошентсе дагы, жылдын башындагы «Биртууганчиктин» көлөкөсү созулуп келип «Көпөлөкө» токтогондой сезилет.

### Быйыл көрүүчүлөрдүн жылы болду

2015-жылдын Кыргыз киносундагы мөмө-жемиши ушундай экен. Бул жылы сандын азайганы сапатты жогорулата алдыбы? Менин оюмча кыргыз киносу бул жылы алдыга кадам таштай алган жок. Кээ бир тасмалардын өзгөчөлөнгөнү гана болбосо, сапаты жагынан 2014-жылдын кинолорунан айырмаланбайт. Тагыраак айтканда, Кыргыз киносуна бул жыл тыныгуу жылы болду окшойт. Ал тургай, 2015 киночулардын эмес, көрүүчүлөрдүн жылы болду. Себеби, быйыл алар кино тандаганды үйрөндү. Жөн гана кыргыз киносу дей бербей, сапатына, маани-маңызына карап тандап калышты. Буюрса, 2016-жылы кыргыз киночуларын сапаттуу көрүүчүлөр күтүп турса керек. Ошондуктан көрүүчүлөрдүн тилектерин орундатып, жаңы жылда жаңы дем менен жаңы кинолорду баштайлы.

### 2015-жылдын тасмалары:

(Кээ бир тасмалар тизмеге кирбей калса кечирим сурайм)

"Биртууганчик", Рай 604", "Кекеч", "Орхидея", "Соолуган гүлдөр 2", "Убактылуу жигит", "Жапайы селки", "Поларис шооласы", "Ботан жана Купидон", "Быйыл сөзсүз күйөөгө тием 3", "Туугандар" "Кырдагы кыял", "Аялдын бакыты", "Асман алдында", "Шайлоо-Жайлоо", "Сапар" (Путь), "Сүтак", "Напарниктер", "Абысындар", "Көпөлөк", "Учкуч", "Курут", "Аймак 13" (бул тасма кинотеатрлардан көргөзгөнгө тыюу салынгандыгы үчүн жарыкка чыкпай калды).

ЖАНДАРБИЕВ КЕРКУДУК




# Аша чаппадык, артта калбадык

Өтүп бараткан жыл элдин эсинде узакка сакталып калчудай. Андагы орун алган олуттуу учурлар өлкөбүздү бир катар саясий жана экономикалык өзгөрүүлөргө алып келди. Муну менен кошо анча-мынча дене бойду чыйралткан көрүнүштөр дагы болду

## Шайлоо чыр-чатаксыз аяктады

Жылдын негизги жаңылыгын октябрда өткөн парламенттик шайлоо түздү. Бир ай бою тынымсыз күрөштүн жыйынтыгында алты партия парламенттин алтынчы чакырылышына шайланып келди. Өткөн шайлоонун негизги өзгөчөлүгү биометрикалык негизде өткөндүгүндө болуп, өлкөбүздө биринчи жолу акыйкат шайлоо өттү делип калды. Бирок акыйкат шайлоо өттү делгени менен шайлоонун кээ бир кемчиликтери эртеси калкып чыга баштады. Көрсө, илгери бир дилгир адам айткандай, утулгандын тутулмайы бар экен да. Ошол утулгандардын бири добуштар сатылганын айтса, кай бири урналар жасалма добуштар менен толукталганын какшап атты. Деги, алардын күйгөнүнчө да бардыр, ким билет? Бирок ошол шайлоонун жүрүшүнө көз чаптырган өздүк жана чет элдик байкоочулар жаңы нукта өткөн парламенттик шайлоого сарсеп сала келишип, оң бааларын берип кайтышты. Кантken күндө да, акыр түбү шайлоо жөрөлгөлөрү аягына чыр-чатаксыз чыкканы жалпыбызды кубантты.

## Эски премьерди жаңылап шайлады

Ошентип, шайлоонун тамашалары дагы узакка созулду. Алдыда коалиция кимдерден куралып, оппозицияны кайсы партиялар түзөт деген маселе турду. Калк айтса, калп айтпайт демекчи, акыры калк айткандай эле болуп чыкты. Коалиция "СДПК", "Кыргызстан", "Өнүгүү" жана "Ата-Мекен" партияларынан куралды. Ал эми оппозицияда аргасыздан "Республика-Ата журт" жана "Бир бол" фракциялары калды. Эски премьерди жаңылап шайласа, эски спикерди дагы кайрадан шайлашты. Ошентип парламент түптөлүп, өкмөт ишке кирди.

## Кылган кылмышынан улам кызматы менен кош айтышкандар

Коррупциянын уюгу мамлекеттик мекемелерде байырлаганын, жадагалса, ал Ак үйдүн жетинчи кабатына жетип калганы буга чейин тек гана божомолдонуп келсе, кийинки фактылар аны ачыкка чыгарды. Айтсак, Президенттин аппарат жетекчиси Данияр Нарымбаев менен депутат Хажимурат Коркмазов Бишкектин экс мэри Нариман Түлеевдин Жогорку сотто карала турган ишин оң жакка чечүү үчүн айыпкердин кызынан 100 миң доллар пара алып кармалды. Беш айга созулган соттук териштүүлөрдөн улам, алардын күнөөсү толугу менен аныкталып, Нарымбаев 3 жылга, Коркмазов 1 жыл алты айга эркинен ажыратылган. Бирок соттун чыгарган жыйынтыгы көпчүлүктү канааттандырган жок.

Мындай кылмышка шектелгендер бийлик бутактарынан аз болбоду. Мурдагы депутат Карганбек Самаков Чүйдүн Кара-Жыгач, Байтик жана Лебединовка айыл аймактарында 262 гектар жер тилкесин мыйзамсыз трансформациялоо кылмышына айыпталып кызматынан алынды. Көрсө, жер тилкесин мыйзамсыз трансформациялоо бир гана Самаковду кызыктырбаптыр. Мындай майталкан Башкы прокуратуранын тергөө башкармалыгынын экс-жетекчиси Кылычбек Арпачиевди да жандап өтүптүр. Буга Арпачиевдин жеке ишкерден 100 миң доллар пара алып жаткан жеринен кармалганганын далил катары каралып жатат. Кийин ошол жеке ишкер Самаковдун баласы экени белгилүү болду. Учурда анын иши 1-май райондук сотунда каралууда. Буга окшоп кылган кылмышынын айынан ээлеген ордунан кол жууп калгандарды айтса түгөнгүс. Калкты каттоо департаментинин мурдагы директору Дүйшөн Сатыбалдиев дагы жемкорлуктун айынан кызматы менен кош айтышкан. Ал кызмат ордунан кыянаттык менен пайдаланды деген айып менен күнөөлөнгөн болчу. Бирок Сатыбалдиев күнөөсүн мойнуна алмак тургай, бир нече ай из жашырып качып жүргөн. Акыры 27-октябрда кармалып, иши сотко өткөрүлдү.

Көрсө, бул убакытта Кылычбек Арпачиев бош жүргөн эмес экен. Ал "Ата-Мекен" партиясынан талапкер болуп, шайлоого аттанганга жетишиптир. Айтмакчы, өткөн парламенттик шайлоого бир эле Арпачиев эмес, дагы көптөгөн кылмышка шектүү саясатчылар катышууга бел байлаган. Айтсак, ошол эле жемкорлукка айыпталган экспремьер министр Игорь Чудинов, мурунку вице-премьер министр Искендер Айдаралиев жана мурдагы депутат Карганбек Самаковдор мойнундагы кылмышын көзгө илбей, бийликке умтулган. Өз убагында башкы прокуратура дагы аларды жоопкерчиликке тартуу боюнча БШКга сунушун жиберген. Бирок БШК алардын сунушун четке какkan. Натыйжада, Чудинов учурда "Бир бол" партиясынын өкүлү катары Жогорку Кеңеште отурган кези.

## Бажы биримдиги жемишин бере элек

Жылдын дагы бир жаңылыгы, май айында өлкөбүз бажы бирим-дигине (ЕАЭБ) биротоло кирди. Муну уккан жергиликүү дыйкандар менен малчылар "эми Евразия базарына чыгабыз, өндүрүмдү каалаган жакка сатабыз" деп ээликсе, чет элдеги мигранттарыбыз "эми Москвада кенен-чонон басып калат турбайбызбы" дешип маңдайы жарыла кубанышты эле, акыр-аягы алардын кубанычын таш капты. Анткени, дыйкандар эч бир базарга чыга алган жок. Керек болсо өндүрүлгөн продукциялары былтыркыдан 2-3 эсеге арзан болуп берди. Ал эми мигранттар да өз кезегинде эч кандай жеңилдик көрбөй жаткандыгын, ишке орношуу жана кара тизме маселеси баштагыдай эле курч экенин эске салып келишет.

Бүтүндөй Талас элинин экономикасын көтөрүп турган төө буурчак бу жолу түрктөрдүн көңүлүнөн калды. Кетирилген чыгым менен коротулган эмгектин акыбети кайтпай, таластыктардын наразычылыгы курч болду. Акыры айласы кеткен өкмөт төө буурчакты өзү алымыш болду. Деги эле Бажы бирмдигинин аягы жакшылыкка алып барбаарын көпчүлүк сереп-чилер буга чейин эле баамдап келген болчу. Жадагалса, келишимге кол коюп жаткан мезгилде кээ бир маселелер боюнча чекиликтер кеткенин Өкмөт өзү да мойнуна алган. Албетте мындай жаңы иштер шыр эле өз нугуна түшүп кетпегендиги белгилүү. Муну түшүнгөн эл акыры баардык өксүктөр өз ордуна келет деп учкай үмүт артып отурган чагы. Элдин үмүтү ордунан чыкканга негиз бар. Анткени биримдикке кирүү алдында атайы бекитилген жол картасы толугу менен ишке ашып, өлкөбүздө бир нече лабораториялар ишке киргизиле баштады.

## Сом 20,7 пайызга арзандады

Дүйнөнүн бир бөлүгүн каптаган каатчылык Кыргызстанга да кылчайды. Доллардын куну болуп көрбөгөндөй көтөрүлүп, жыл башынан бери сомдун наркы 20,7 пайызга арзандады. Мындан улам, Улуттук банк бир жыл ичинде эле 32 жолу интервенция жасап жиберди. Доллардын кымбатоосу тикеден-тике соода тармактарына терс таасирин тийгизип, бир катар ири компаниялар менен чакан жана орто бизнестердин бир тобун банкрото учуратты. Базарда соода-сатык менен алектенгендердин көпчүлүгү жумушсуз калды. Анткени менен биз менен өнөктөш мамлекеттеринин улуттук валюталары доллардын алдында биздикинен да төмөн кулап түшкөн. Мисалы Орусиянын рубли бир жылда 118 пайызга, казактардын теңгеси 64%га төмөндөгөн.

Бирок муну менен катар өлкөбүздө бир нече көңүл жубатаарлык иштер дагы болду. Бу жолу социалдык турак-жай маселесине бийликтегилер бир нече жолу токтолду. Ири көпүрөлөр салынып, жолдор бир аз иретке келтирилгендей болду. Чет өлкөлөр менен байланыштар бекемделип, ири инвестициялар дагы тартылды. Эң башкысы Республикага өтө зарыл болгон Датка-Кемин кубаттуу көмөк чордону аягына чыгып, электр энергиясы Өзбекстандан көз каранды болбой калды.

Кыскасы, бир учурлар койдун пири Чолпон ата берчү токчулук менен жылуулук мекенибизден айланып өтсө, кай бир үрөйдү учурган учурлар узап кеткен жыл койдой жоош болбогонун далилдеди.

Кеп аягында, ушунун баарын өлкө президенти Алмазбек Атамбаев дагы жыл жыйынтыгын берип жатып, моюнга алгансыды.

АКЫЛАЙ ТУТКУЧЕВА

# Коом рубрикасынын жыл жыйынтыгы

Кой жылы өз сапарын карытып, маймыл жылынын кирип келерине саналуу гана убакыт калды. Ушундан улам, 2015-жылы коом рубрикасында кайсы маселелер көтөрүлүп, уруntuу окуялар болуп өткөнүнө бир ирет көз чаптырып, жыйынтыктап кетсек











## Кызыл камчы курмандыктары

Мурунку сандарыбызда аялдарга кордук көрсөткөн кызыл камчы күйөөлөр өз жазасын албай, тескерисинче, ур-токмокко алууну үй-бүлөлүк жашоонун атрибуту катары көрүп келишкендиктен, аялдарга зордук-зомбулук маселесине токтолуп өткөнбүз. 2012-жылы ушул маселе боюнча каттоого түшкөн эркектердин саны 2341 болсо, 2013-жылы 2265ке жетип, 2014-жылы 2542 аял зордук-зомбулукка кабылгандыгы тууралуу атайын арыз менен тиешелүү органдарга кайрылган. 2015-жылы болсо бул көрсөткүч 2014кө салыштырмалуу 15 пайызга күчөгөн. Ошондой эле 2015-жылы күйөөсүнүн ур-токмогуна кабылган аялдардын 70 пайызы кайрадан эле ур-тепкиге алынып, жабыркаган.

## Бөтөлкөдөгү жаш өмүрлөр

Иликтенген маалыматтар боюнча 2012-жылы 14 жаштан 17 жашка чейинки өспүрүмдөрдүн 1206 кылмыш иши катталса, 2013-жылы 1314 кылмыш жасалган. Кылмыштуулукка барган убакта өспүрүмдөрдүн 30 пайызы мас абалында болушкан. Натыйжада, алкогол ичимдиктерин түнкү саат ондон кийин сатууга тыюу салуу тууралуу мыйзам демилгеси Жогорку Кеңеште көтөрүлгөн эле. Бирок айтылуу мыйзамга каршы тараптар көп чыккандыктан, мыйзам өз күчүнө кире элек. Ички иштер министрлиги тарабынан берилген маалыматтарга караганда 2013-жылга салыштырмалуу 2014-жылы мас абалда жасалган кылмыштуулук 21 пайызга өскөн. Ал эми 2015-жылы өспүрүмдөр тарабынан жасалган 83 кылмыш фактысы катталган.

## Секелек кыздар эне болуу бактысынан эрте ажыроодо

Учурдагы Кыргызстандын социалдык-демографиялык шартында өтө актуалдуу суроолордун бири – өспүрүм кезде бойго бүтүү жана аборт жасатуу көйгөйүнө дагы токтолгонбуз. Статистикалык маалыматтар боюнча өспүрүмдөрдүн кош бойлуулугунун 70 пайызы каалоосуз экени аныкталган. Гинекологдордон маалымат алганыбызда алар күнүнө жок дегенде бир же эки жашы жете элек кыз аборт маселеси боюнча кайрыларын айтышкан. Учурда өспүрүмдөрүбүз дагы эле гинекологдун босогосун аттап жатабы деген суроого "ооба" деген жооп алдык.

## Мектеп формасы бизде жана дүйнөдө

Билим берүү жана илим министрлиги социалдык теңсиздикти жоюу максатында 2015-2016-жылдары окуучулар милдеттүү түрдө мектеп формасын кийүүлөрү керек экендигин белгилеген. Бирок бул сунуш ата-энелер арасында чоң талашка алынган. Жыйынтыгында, бирдиктүү мектеп формасы четке кагылып, буга чейин кийилип келген ак-кара түстөгү форма боюнча гана калды.

## Кайырчынын кайырмагы тазабы?

Ошондой эле бул жылы биз кайырчылар темасына да кайрылып, муктаждыктан улам кайыр суралабы, же жалкоолуктанбы деген суроону койгонбуз. Тилекке каршы, көпчүлүк тилемчилер жөн гана кара жумуштан качып, оңой акча табуунун жолун издегендер болуп чыккан. Кайыр сурагандарга каршы атайын бир мыйзам ушул убакка чейин кабыл алынбагандыктан, кайырчыларыбыз ээн-эркин турмушун улантууда.

## Балдарды эмдөө керекпи?

Балдарын эмдетүүдөн коркуп, вакцинацияга алып барбаган ата-энелер көбөйүп кеткендиктен, биз бул көйгөй үстүндө атайын иликтөө жүргүзгөнбүз. Динде эмдөөгө тыюу салынат, же эмдөө оору жаратат деген пикирлердин туура эмес экенин ырастаган элек. Жыйынтыгында, динде эмдөөгө эч кандай тыюу салынбаарын, болгону вакцинациянын курамында чочко майы сыяктуу арам нерселердин жок болуусу керек экенин Кыргызстан диний башкармалыгынын фатва бөлүмү түшүндүрүп берген. Ошондой эле эмделген бала ооруларга туруштук бере аларын да далилдегенбиз.

## Кокого жеткен үгүттөө

Октябрь айында шайлоо башталып үгүт иштери күчөгөн. Бирок айрым партиялар өздөрүнүн күчтүүлүгүнөн пайдаланып, мамлекеттик кызматта иштеген адамдарды өздөрүн шайлоого мажбурлаган көрүнүш күч алган. Жыйынтыгында бул партиялар биринчилерден болуп өтүп, бийликке келди.

## Мектепке баруу - өлүмгө барабар

Кыргызстанда жол кырсыгынан көз жумгандар жашарып, барган сайын саны артып бараткандыктан бул маселеге да кайрылып өткөн элек. 2014-жылы республика боюнча жаш балдарга тиешелүү 1455 жол кырсыгы катталып, 112 өспүрүм каза тапкан. Башкача айтканда, ар 3-4 күндө бир балабыз жол кырсыгынын курмандыгы болгон.

Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин басма сөз катчысы майор Белек Оторбаевдин айтымында, 2015-жылдын 8 айы ичинде жаш өспүрүмдөрдүн катыштыгы бар 920 жол кырсыгы катталып, 1068 бала ар түрдүү жаракат алып, 64 өспүрүм каза тапкан.

## Абалың кандай, селсаяк?

Аба ырайы сууктап, кыш мезгили жакындаган учурда селсаяктар маселесине токтолдук. "Коломто" кайрымдуулук фондунда баш калкалап жаткан селсаяктардын абалын сурап, андагы 37 жаштагы Айгүл аттуу келин тууралуу сөз кылганбыз. Шаар имараттарынын жер төлөөлөрүндө майып күйөөсү менен жашап жаткан жеринен айтылуу фондго тартип сакчылары алып келгенин баяндап өткөн элек. Учурда абалын билүү үчүн "Коломто" фондунун мүдүрүнө байланышканыбызда, Айгүл күйөөсүнүн абалы бир аз жакшы болуп калган соң, фонддон чыгып кеткенин, кайда кеткени тууралуу маалымат жок экенин билдик.

## Шаарга келдим, кайда барам?

Жумуш издеппи, же кандайдыр бир башка себептер мененби, айтор борборго келген тургундар үчүн кайда жашайм деген суроо биринчи орунда тургандыктан, батир маселесине көңүл бургангыз. Борбордун конуштарындагы батирде турган жарандардан интервью алып, батир бааларын, кайдан, кантип табуу керек экенин баяндап бергенбиз. Соңунда батирде тургандардын баары өз айылыбызга кетебиз деп айтышкан эле. Алардын бири Жаныбек мырза 4 жылдан бери шаарда жашап жатканын айтып, айылыма кетем деген. Учурда кайда экенин билүү максатында байланышканыбызда, жаңы жылды тосуу үчүн айылга кеткенин айтты. Ошондой эле жубайы мындан ары балдарынын жанында болорун, өзү шаарда жалгыз иштерин кошумчалай кетти.

ТАҢЧОЛПОН БАКЫТБЕК КЫЗЫ

# Программалоо – супер жөндөм

Марк Андрессен айткандай, келечекте бардык иш эки мүнөзгө бөлүнөт. Бири - компьютер аркылуу эмнени кандай кылыш керек экенин үйрөтөт. Экинчилер болсо, компьютер эмнени буюрса, ошону аткарат

## Программа адамдын каалоосун түшүндүрөт

Күндө колдонуп аткан лифт, унаа, учак жана смартфондон баштап, татаал, атайын багыттагы нерселердин баары программалык жабдыктар аркылуу башкарылат. Программалык жабдыктар компьютер жана башка түзмөктөргө тиешелүү эсептөөлөрдү аткарып, тегерегиндеги чөйрө менен алака кылууга мүмкүндүк берет. Эмесе, «программалык жабдык компьютерге кандай жайгаштырылат? Программаны ким жазып берүүсү керек? Программалоо деген эмне?» деген суроолорго жооп издеп көрөлү.

Программалоо же коддоштуруу – адамдын каалоолору менен компьютердин техникалык мүмкүнчүлүктөрүн көпүрө сымал байланыштырып турган жана атайын компьютер үчүн жазылган көрсөтмөлөрдүн жазуу ыкмасы. Жүзгө жакын программалоо тили компьютер аркылуу иштөөсү үчүн түздөн-түз пайдаланылбай турганын жакшы билишибиз керек. «Жогорку деңгээлдеги» деп аталып келген C++, Python, Java ж.б.у.с. тилдери буйруктар атайын иштелип чыккан жабдык аркылуу компьютер түшүнүп, аткара алган «төмөнкү деңгээлдеги» тилге которулат. Кээде программист адистер программалоочу жабдыктарды түздөн-түз «төмөнкү деңгээлдеги» көрсөтмөлөргө жазганга аракет кылышат. Бирок бул көп убакытты талап кылган өтө майда иш. Адатта, баштапкы программаны жогорку деңгээлдеги программалоо тилинде жазып чыгуу бир топ жеңил. Себеби жогорку деңгээлдеги тилдер татаал, бир эле убакта көп маани камтыган идеялар менен буйруктарды түшүндүрүүнү жеңилдетет. Ошондой эле алар программада иштелүүчү конкреттүү санариптик түзүлүштүн техникалык өзгөчөлүктөрүн программист тарабынан терең изилденишин талап кылбайт. Ошондон улам, жогорку деңгээлдеги тилде жазылган программалар түрдүү компьютерлерде иштетиле берет.



НУРАДИЛ РАИМБЕКОВ

## Программа тилинин да улуту бар

Адамдын тили сыяктуу эле программалоо тилдери да түрдүү стилдер менен топторго бөлүнөт. Мисалы C++, Java, PHP тилдери C тилинин негизинде жазылган. Кадимки тилдер сыяктуу эле программалаштыруу тилдери да бирдей маани бериши мүмкүн. Ошондуктан ар бир программаны каалаган тилинде жазсаң болот. Бирок жаза келгенде кээ бир тилдер максат кылынган нерсени жакшыраак түшүндүрүп берүүсү мүмкүн. Бул жерде англис тили ишкерлердин эл аралык тили болгонун, же француз тили салттуу дипломатияга жакшы жараганын мисал кылсак болот. Кадимки чет тилди өздөштүрүүгө окшоштугунун дагы бир мисалы бир программа тилин үйрөнсөң, ал кийинки тилдерди үйрөнүүгө пайдубал болуп берет. Бир программа тилиндеги окшоштуктарды, кайталанууларды, жалпы усулдарды, дайыма колдонулган сөздөрү сыяктуу жалпы мүнөздөрдү жакшы өздөштүрсөңүз, кийинки тилди үйрөнүү сизге бир топ эле жеңил болот. Эгер жаңысы сиз өздөштүргөн тилдин түрүнө кирген болсо, ого бетер оңойлойт.



## Компьютерди башкарасыз же башкарыласыз

Кээ бирлерине компьютердик программаны жазып, ишке киргизүү шумдуктуу керемет катары көрүнүүсү мүмкүн. Талап кылынган натыйжага жетүү үчүн цифралар, тамгалар менен коддук белгилер микроскопикалык схемалар аркылуу компьютердик жоболорго айланат. Анын натыйжасында пикселдер (санариптик бирдик) экрандарга чыгып, лифттер жылып, электрондук каттар жеткирилип, терминалдар акча алып жатышат. Бул иштер жана болуп жаткан натыйжалар сыйкырга окшоп турса да, программалаштыруу жөнөкөй адам үчүн табышмактуу жана аткарууга мүмкүн эмес болгон нерсе эмес. Чындап келгенде компьютердин сыйкырга эч тиешеси жок. Алар эсеп, ирээт жана логикага жараша иштейт.

Адамдардын көбү күнүмдүк ишин аткаруу үчүн чет тилди же алгебраны билүүгө муктаж болбогондой эле, программалаштырууну үйрөнүүгө да муктаж эмес. Бирок ушундай катардагы адамга да программалоонун негизин үйрөнүп коюу пайдалуу болмок. «Санариптик кара кутунун» сырдуу маңызын билүү үчүн гана муну максат кылбоо керек. Netscape интернет браузерин негиздеген Марк Андрессен айткандай, келечекте бардык иш эки мүнөзгө бөлүнөт: бири компьютер аркылуу эмнени кандай кылыш керек экенин үйрөтсө, экинчилер болсо, компьютер эмнени буюрса, ошону аткарат.

## Математик болуунун кереги жок

Эгер ишиңиз менен сыймыктансаңыз, бирок ал жакында программа аркылуу автоматташтырылат деп чочусаңыз, анда программалоо ыкмасын өздөштүрүү сиз үчүн өтө пайдалуу болот. Учурда муну интернеттен бекер эле үйрөнсөңүз болот. Жигердүү программалоочу болуш үчүн, сөзсүз математиканын туу чокусуна чыгуунун кереги жок. Буга чейин күчтүү программачы болуу үчүн математиканы жаңгактай чагыш керек деген туура эмес пикир айтылып келген. Албетте математиканы билүү программалаштыруунун кээ бир маселелерин чечүүгө жардам берет. Айрыкча мурун программалар Fortran тилинде жазылган убакта математиканы жакшы билүү зарыл болчу. Бирок, учурда компьютердин негизги максаты түрдүү нерселерди бири-бирине ыңгайлаштыруу моделдерин иштеп чыгуу же согуштук ракетанын учуу траекториясын эсептөө эмес. Азыр компьютерлер менен байланыштыруу каражаттары башкача, көбүнчөсүн катардагы адамга керек болгон коомдук иштерди аткарууга пайдаланылат. Интернеттин кеңири тароосунан улам, компьютерлер адамдар үчүн баарлашууга, дүр-дүйнө сатууга жана түрдүү кызмат көргөзүү үчүн колдонулуп калды. Мындан сырткары программалаштыруу тилдери да жакшы калыптанып, алар жалпы адамзатка ыңгайлаштырылып «инсан» шекилин ала баштады.

Макала "The Economist" эл аралык журналынан алынып которолду



# Өкмөттө эки түрдүү адам бар

Өкмөт башчы Темир Сариев ар бир район, шаар жетекчисине 10дон кем эмес ишканаларды ачуу боюнча милдеттерди койгон. Бирок айрым аймактагы өкмөт өкүлдөрү мурда ачылып, иштеп жаткан ишканаларды жаңы ачылды деп, атын өзгөртүп планды толтурган учурлар болууда

ЖИА бизнес-ассоциациясынын аткаруучу директору Руслан Акматбек: «Өкмөттүн облустук, аймактык өкүлдөрү премьердин тапшырмасын күтпөшү керек болчу. Ишканаларды ачканга шарт түзүү, аларга көмөк көрсөтүү – жергиликтүү бийликтин түздөн-түз милдети. Өкмөт башчы "жергиликтүү бизнеске шарт түзүп, көмөк көрсөтүп, аймактарда ишканалардын көбөйүүсүнө жардам бергиле" десе керек. Акимдер муну «биз ишкана ачат экенбиз» деп түз түшүнүп алды. Бирок өкмөттүн аймактардагы өкүлдөрү ишкана ачып, жарандарга өзү кызмат көрсөтпөшү керек. Тетиринче, мамлекеттин экономикага болгон катышын болушунча төмөндөтүүсү кажет. Мамлекеттин ишкана ачууда, башкарууда ийгиликтүү өрнөгү, долбоору жок. Ошондуктан мамлекет жеке менчик сектордун эркин болушуна шарт түзүп, алардын алдындагы тоскоолдуктарды, бөгөттөрдү жоюшу керек.

Кыргызстанда жергиликтүү бийлик органдары менен жергиликтүү ишкерлердин ортосундагы мамиле абдан көйгөйлүү. Өкмөт башчынын «ишкана ачкыла» дегенинен кийин айрым акимдер борборго келип, өзүнүн аймагындагы ишкерлерди издей баштады. Бул тапшырма берилгенден кийин биздин аймактардагы айрым бөлүмдөрүбүзгө жергиликтүү бийлик органдары кайрылып, ишкерлерибиз мурда эле ачкан ишканаларды кайрадан каттатып коёлу деген сунуштар түштү. Бул өнүгүүгө абдан зыянын тийгизет. Жаңыча көз караштагы бийлик өкүлдөрү ишкерлерди издеп, инвестиция кыл деп сунуш кылууда.

Аймактарда орто жана чакан ишканаларга мамлекеттик текшерүү, кийлигишүү абдан көп. Маселен, Ысык-Көлдөгү мамлекеттик үлүшү бар бир ишкананы бир жылда 54 жолу текшерген. Ишкерлердин көп убактысы мамлекеттик органдар менен күрөшүүгө кетип калууда», – дейт.

ГҮЛНАЗ МАМЫТОВА



# Банан - мырзалар көңүл бура турган азык

Эт жумшак, ширелүү болуп бышыш үчүн аны кууруудан мурун бир нече мүнөткө банандын кабыгына ороп, сыртынан жип менен байлап коюңуз. Андан кийин куурулган эт жумшак эле эмес, өзгөчө даамдуу да болуп бышат экен. Эмесе, банандын ушул сыяктуу дагы көп кызыктарын төмөн жактан окуй аласыз

## Бир бананда 90 килокалория бар экенин унутпаңыз

Банан биринчи жолу эне мээримине ээ болуп, бала эмизип жаткан энелерге күч-кубат берет жана операция болгондон кийинки алсыздыкты жеңүү үчүн да таасири чоң. Ошондой эле бул жемиш аялзатынын дене-мүчөсүн бир калыпта кармап, ашыкча салмактуулуктан сактайт. Бирок, бир бананда 90 килокалория бар экенин унутпаңыз. Аны көпчүлүк учурда салмак кошуу үчүн колдонушат. Бананды сүт менен колдонууда кылдат болуңуз. Ошондой эле, ачытылган капуста менен кошо пайдаланганда ички ичеги кислоталар жогорулап кеткендиктен, жегенге тыюу салынат. Бирок, ошентсе да жер жемиштерге кошуп, ар кандай салаттарды жасап жесе, абдан таттуу жана пайдалуу. Эгер сиз кант диабети менен ооруп жүрсөңүз аны жегенге болбойт. Анткени банандагы кара тактар андагы канттын көптүгүнөн кабар берет.

## Банан - эң биринчи мырзалар көңүл бура турган азык

Баса, банан биринчи кезекте мырзалар көңүл бура турган азык. Анткени, ал мырзаларга көп энергия тартуу кылат. 30 мүнөттөн кийин канда жетишерлик глюкоза пайда болуп, активдүү боло түшүшөт. Ал потенцияны көтөрүүдө чоң роль ойногон азыктардын катарына кирет. Банан калий булагы болуп эсептелип, жүрөккө, мээге, сөөккө, муундарга, тишке жана эң негизгиси булчуңдарга таасири чоң. Көп эркектер энергия топтош үчүн жатарда көп банан жеп алышат.

## Бак-дарак митесинен арылтууда

Багыңызда өсүмдүк митеси көбөйүп, гүлдөрүңүз менен жемиш бактарыңыздын жалбырактарын оюп жей баштадыбы? Банандын кабыгын майдалап, жемиш багынын айланасына 2-3 сантиметр тереңдикке көмүп коюңуз. Аз күндөн кийин ал мите курттар менен кош айтышасыз.

## Тишти агартууда

Банан саргарган тишти агартууга да жардам берет. Анын кабыгы менен тишиңизди күн сайын 2-3 мүнөттөн сүргүңүз. Бир нече күндөн кийин тиштериңиздин агарып калганын байкайсыз.

## Этти жумшартууда

Эт жумшак, ширелүү болуп бышыш үчүн аны кууруудан мурун бир нече мүнөткө банандын кабыгына ороп, сыртынан жип менен байлап коюңуз. Андан кийин куурулган эт жумшак эле эмес, өзгөчө даамдуу да болуп бышат.

## Күйүктү айыктырууда

Теринин күйүп калган жерине банан кабыгын ич жагынан коюп таңып алыңыз. Кабыктын курамындагы май ооруну басаңдатат жана күйүктүн батыраак айыгышына жардам берет. Ушул эле ыкма буттун же колдун карарып кеткен жерин айыктырууда да натыйжалуу.

## Күмүштөн жасалган зер буюмдарын тазалоодо

Банандын кабыгын аарчып, анын ички бети менен күмүштөн жасалган зер буюмдарыңызды сүртүп, андан кийин таза чүпүрөк менен аарчып салсаңыз, зер буюмуңуз жалтырап калат.

## Бөлмө гүлдөрүнө кам көрүүдө

Кам көрүлбөй бозоруп, соолуй баштаган гүлдөрдүн жалбырактарына банандын кабыгынын ички бетин сүртүп чыгыңыз. Андан кийин суу чачпаңыз, болбосо чаң мурункудан да көп топтолот. Бир аздан кийин гүлдөрүңүз жапжашыл болуп бажырайып калат.




## Сөөлдөн арылууда

Бананды эзип, сөөлдүн үстүнө койсоңуз болот. Же болбосо кабыгынын ички бетин сүртүңүз. Бул жемиштеги калийдин көп өлчөмү сөөлдүн тезирээк түшүшүнө жардам берет.

## Банандын курамы жана пайдалары

1. Банандын курамы С, В витаминдерге бай жана сасык тумоодон сактап, чарчаганды көп сездире бербейт.
2. Бир күндө эки банан жеген адам организмин калий менен камсыз кылып, бир күндүк энергияны топтой алат.
3. Бананды күнүгө жеген адамдын кан басымы калыбына келип, эч кандай дары колдонууга муктаж болбойт.
4. Бөйрөгү, боору ооругандарга банандын жардамы чоң.
5. Спорт менен машыккан адамдар короткон энергиясын эки банан жеп калыбына келтирсе болот.
6. Банан организмдеги углеводдорду калыбына келтирип, жеңил азык катары колдонулат.
7. 100 граммда 90 килокалория камтылган, бирок, майы жок. Андыктан арыктоону самагандар күнүмдүк азыктануусуна аны кошуп койсо болот.
8. Банан тамак сиңирүү үчүн он эки эли ичегинин иштешин жакшыртып, шекер менен майдын сиңишин камсыз кылат.
9. Бананда темир камтылгандыктан кандагы гемоглобинди көтөрөт.
10. Банан курамындагы калийдин көптүгү боюнча биринчиликте турат. Калий жүрөккө, мээге, сөөк-муундарга жана боорго абдан пайдалуу.
11. Банан менен өз организмибизди 400 миллиграмм калий менен камсыздай алабыз. Бул болсо, кан басымынын жогорулашын, иштөө тартибинин бузулушун, организмдеги туздуу суунун алмашуусун жана ашыкча зыяндуу заттарды сыртка чыгарууну нукка салат да, бөйрөк ооруларында колдонулуп, мээни кислород менен азыктандырат.

Бетти даярдаган



## Банандын түрлөрү

**"Чикита"** Бул башка банандардан даамдуулугу, өтүмдүүлүгү менен айырмаланат. Баасы 95 сомдон 125 сомго чейин.

**"Бананза"** Бул бананды азыр сатыкта көрүү кыйын. Себеби, эң арзан банан түрүнө кирет.

**"Кумурска"** Бул банан да азыр сатыкта жок.

**"Бананголд"** Бул да орточо банандардын катарын толуктайт. Баасы 80 сомдон 100 сомго чейин.

**"Лаурита"** Бул да аз кездешкен банандардын катарын толуктап, баасы 90 сомдон жогору бааланат.

**"Донкарлос"** Бул банандын башка банандардан айырмасы узун убакытка сакталып турусунда. 90 сомдон жогору бааланат.

Учурда сатыкта көп кездешкен банандардын ичинен эң даамдуусу "чикита" бананы. Бул банан дааналап сатканда 18 сомдон 20 сомго чейин бааланат.

# Самурай кылычын дайыма курч кармайт

Марага чуркаган бууданга алды жагын гана көрсүн деп баш кийим кийгизип коюшат. Алагды болсо чуркай албайт да. Туш тарапты карап алаксыбай, максатты так коюп умтулган адамды эртедир-кечтир ийгилик күтөт деп ишенем



Нуржигит Кадырбеков "Ыйман" фондунун жетекчиси

**– Сиз Жапонияда болгонсуз жана азыр да башка улуттун адамдары менен жолугуп турасыз. Ыйман түшүнүгү боюнча кыргыздар башка элдерден эмнеси менен айырмаланат? Ыйман жана ыймандуулук жаатында башка элдерден алчу жана бере алчу эмнелерибиз бар?**

– Ыйман – бул кыргызбы, түркпү, араппы, малайбы же өзбекпи, бардыгы бирдей түшүнгөн ыйык түшүнүк. Жаратканды бардыгына жана бирдигине, Анын китептерине, пайгамбарларына, акыретке, периштелерге, тагдырга ишенүү – бул ыйман да, туурабы? Бирок, буларга ишенсем эле ыйманым укмуш болот десек жаңылышабыз. Ыймандын нуру, шарапаты жүргөн-турганыбызда, кылганэткендерибизде бекер чагылып турбаса керек. Кыргыздар тегин жерден адептүү, жакшы кулк-мүнөздүү адамды ыймандуу, ыйманы ысык дешкен эмес. Кызыгы, ыйман түшүнүгү жок туруп, адеби, тарбиясы укмуш элдер бар. Жапондор ошолордон. Ыймандан кабары болбосо да сабырдуулугу, убакытка тактыгы, ишке берилгендиги, аманатка бекемдиги жана чынчылдыгы менен таң калтырат. Бирок, кыргыздардай айкөл, кечиримдүү эл башка эч жерде болбосо керек.

**– Жаңы жыл башка майрамдардан айырмаланып, бардык улуттарды бириктирген майрам болчу. Бирок бүгүнкү күнү бул майрам тууралуу ар кандай пикирлер айтылып, бөлүнүп жарылуулар пайда боло баштады. Бул тууралуу сиздин пикириңиз кандай?**

– Менимче, мурдагы СССРде бул улуттарды бириктирген майрам эле. Ар бир айылдык мектепте жаңы жылдык балатынын алдында 15 республиканын улуттук бийлери бийленчү. Көрсө, бул майрам – советтик идеологиялык машинанын зарыл тетиги болгон экен. Ошон үчүн дүңгүрөтүп өткөрчүбүз. Бирок АКШда, Жапонияда жаңы жыл ың-жыңсыз эле өтүп кетет. Ал жакта да мурдагы СССРден баргандар майрамдашат. Кыскасы, СССР урганы менен ал берген тарбиянын эпкини дагы көпкө жетет көрүнөт. Жаңы жылды майрамдоо же майрамдабоо ар кимдин өз иши. Болгону, жаңы жыл десе эле шампан ичүүнү, табигаттын көркү болгон арча-карагайды кыюуну түшүнгөн деңгээлден өтсөк жакшы болмок. Ден-соолук менен табиятка зулумдук кылып да майрамдачу беле? Миллиондогон акчалар бир түндө асманга кытайдын оюнчук от дүрмөтү менен кошо атылып кеткени да жакпайт. Кайырчыдан он сом аягандар болгону бешон жолу атылчу дүрмөттөн миңдеген сомун аябайт. Жеке мен үчүн 1-январь Кудай берген 365 күндүн бири гана. Демейдегидей эле эрте жатып, эрте туруп, таза абада басам, буюрса.

**– Жаш экениңизге карабай чоң-чоң жетишкендиктериңиз бар. Азыркы жаштарга кыска убакта чоң натыйжага жетүү боюнча кандай сунуштарды берет элеңиз?**

– Жаш деле эмесмин. Пушкин менен Алыкулдан улуумун (күлүп). Бирок, алардын адамзатка мурас кылган адабий казынасы өзүнчө эле бүтпөс кенч. Айтматов менин курагымда дүйнөгө таанылып калган экен. Жусуп Абдракманов менен Исхак Раззаков жыйырма-отуздарында мекендин жүгүн аркалаптыр. Алар деле биздей адамдар. Болгону, азыр биз фейсбукта, же одноклассникте отуруп ысырап кылган убакытты алар максаттуу, пайдалуу ишке жумшаган. «Жаштын тилегин берет» дейт. Жаштар убакытка береке тилеп, дуба кылсын демекмин. Марага чуркаган бууданга алды жагын гана көрсүн деп баш кийим кийгизип коюшат. Алагды болсо чуркай албайт да. Туш тарапты карап алаксыбай, максатты так коюп умтулган адамды эртедир-кечтир ийгилик күтөт деп ишенем. Болгону, максат туура коюлушу абзел. Мисалы, бай-бий болоюн эле дегенден, бай болуп кедейлерге жардам берейин, же бий болуп мекенге кызмат кылайын деген ниет асман-жердей айырмаланат да, туурабы? Кадимки коңуздан деле тарбия алса болот. Кайра-кайра кулаганына карабай, көгөрүп жатып акыры даракка чыкканын көп эле байкаган чыгарсыз. Анан, ийгиликке тез жана жеңил жетем деген адам да терең жаңылат.

**– Максатка жетүү темасында жаштарга семинар бергениңизди угуп жүрөбүз. Сиздин максат «Ыйман» фондуна окшогон жерде иштөө беле? Же бул ишиңиз мурун койгон максатыңызга анча дал келбейби?**

– «Ыйман» фондунда иштейм деп үч уктасам түшүмө кирген эмес. Мага сунушташты, баш тартканым жок. Суранып барбай, өзү оң келген иште Кудайдын жардамы болот деген улуу накыл бар го. Ушул фонддо иштегениме, Ал себеп болуп аздыр-көптүр жакшы саамалыктарды баштаганыбызга чексиз шүгүр келтирем. Кайда иштесем да, нанымды актап жесем, эл-жерге, ыйманга, адамзатка кызмат кылсам, пайдам тийсе, тапканым адал болсо, Жаратканга жаксам деп тилейм. Семинар бериш кыйын деле эмес. Семинарда айткандарың менен кылгандарыңдын дал келгени маанилүү. Максатым – жакшы адам болуу. Самурайлар тынчтыкта деле кылычын дайыма курчутуп турушкан. Жоо келгенде чапсаң, кеспей атса балээ да. Анын сыңарындай, ыймандуу, адамдык сапаттарды күн сайын «курчутуп» туруу керек. Беш убак намаз окуунун парз экени ушуну айтып турбайбы.

**– Жаштар окууну бүткөндөн кийин жеке ишкердикке, коомдук же мамлекеттик ишке киргенге мажбур. Сиз жаштарга кайсыл багытка бет алуусун сунуштайт элеңиз?**

– Ар ким көңүлү тарткан, сүйгөн иши менен алек болсун. Албетте, бирөөгө зыяны тийбеген, тапкан кирешеси адал, пайдалуу иш болсун. Ар бир адамдын Кудай берген өзгөчө жөндөмү, таланты болот. Ошону таап, байкап, бапестеп өстүрүү маанилүү. Томас Эдисонду жөндөмсүз, шыксыз, акылы кем деп мектептен чыгарып коюшкан. Анын генийлик көрөңгөсүн байкашкан эмес. Азыр Эдисонду мектептен айдагандардан тарыхта ким калды? Эдисон болсо улуу илимпоз, ишкер жана менеджер катары аты өчпөй келет.

**– Буга чейин «Жапон кереметинин сырлары» жана «Ант» адабий чыгармаларын жаздыңыз эле. Келечекте дагы кандай чыгарма жаратайын деген пландарыңыз бар?**

– «Юконун сүйүүсү» деген повестимди аягына чыгарып алсам жакшы болмок. Михиро аттуу Жапон кызынын тагдыры аркылуу жапон коомундагы маселелерди чагылдырсам дегем. Биз кыргыз жергесинин берекесин, кутун биле бербейбиз. Көк тиреген үйлөрүн көрүп эле Чыгыш, Батыштын өнүккөн мамлекеттерине кеткиси келгендер көп. Ичинен байкаган кишиге ал жакта абдан курч көйгөйлөр толтура. Биздикиндей берекелүү, бейкапар жашоо түшүңө да кирбейт. Анан мотивациялык багыттагы китептерди жазсам деген тилегим бар.

**– Анча-мынча өзүңүз тууралуу да айта кетсеңиз. Бир күнүңүздү кантип өткөрөсүз? Спорттун кайсыл түрү менен машыгасыз?**

– Күндү тосуп алам. Уктап калып, күн мени тосуп албаса экен деп тилейм. Эртең менен мечитке барууда чексиз береке бар. Жымжырт, таза абада сейилдөө жана Жаратканга сыйынуу жашоого эбегейсиз эпкин тартуулайт. Бала-бакыра ойгоно электе китеп окуп, бирдеме жазып аласың. Ишиң арбыйт. Үйдөн жакшы маанай менен чыгып, кечинде жакшы маанайда кайтсам деп тилейм. Жумасына үч жолу карате клубуна барам. Кээде жумушка маршрутка менен келем. Чындыктан алыстабай жашоо үчүн эл-журт менен аралашып туруу өтө маанилүү.

**– Элибизге Жаңы Жылдык каалоо-тилектериңиз.**

Пейилдер жайкы күндөй жылуу болсун,
Жүрөктө ыйман, адеп нуру болсун.
Эң башкы сулуулук бул – ден соолук дейт,
Тилегим – ар бир инсан сулуу болсун.
Адам бололу.



Муфтият менен биргеликте иш-чара

Маектешкен ЭСЕН ӨМҮРАКУНОВ

# Чындык сөзүн айтпаса, акындыктан не пайда

Өтүп бара жаткан жыл профессионалдуу адабият, акындар поэзиясы жаатында кандай жыл болду? Өнөрпоздорубуз бул жылы кандай ийгиликтерге жетишти? Бул тууралуу "Алыкул" атындагы жаштар сыйлыгынын лауреаты акын Бердибек Жамгырчиев менен төкмө акын Кубат Тукешов келип, кызыктуу аңгеме-дүкөн куруп беришти



### Адамдыктан кечип кеткен айбанды, калем менен көзгө сайып сүрдөтүү

Мен эч качан өзүмдү акынмын деп айткан эмесмин, акындыкка талапкермин деп гана айтып келем. Биздин келечегибизди тагдыр өзү баалап-таразалап көрсөтөт. Кичине ыр жазып анан "биз акындар" деп акындык өнөрдү жеңил көрүп алгандар да бар. Мен акындыкты төмөнкү төрт сап ыр менен түшүндүрүп бергим келет:

*Акын деген төрт тамгадан турган сөз*
*Аалам жиреп, өлбөстүктү курган сөз*
*Адамдыктан кечип кеткен айбанды*
*Калем менен көзгө сайып сүрдөтүү* – деп билем.

### "Бул силер үчүн сыйлык жана жоопкерчилик"

Бул жыл мен үчүн аябай эле жемиштүү жылдардан болду десем болот. Себеби, ушул күнгө чейинки эмгектеримдин бир аз үзүрүн көргөндөй болдум. Башында айтып өткөнүңүздөй, "Алыкул" атындагы жаштар сыйлыгынын лауреаттыгына татыктуу болдук. Чындыгында, бул мен үчүн күтүүсүз белек болду. Нурлан агайыбыз чалып сүйүнчүлөгөндө, болуп көрбөгөндөй толкундандым. Себеби, Алыкул атабызды ырдын пири деп, ырларын сүйүп окуур элем. Сыйлыкты тапшырып жатышкандар: "Бул силер үчүн сыйлык жана эң чоң жоопкерчилик. Окурмандар ырларыңарды мурда жөн гана окуп койсо, мындан ары ырларыңарды сындап, талдап-таразалап окуп калышат" деп айтышты. Мындан бир аз убакыт илгерирээк жаш акын Акбар Кубанычбеков экөөбүз жазуучулар союзуна мүчө болуп, төш белги тагындык. Ушуну менен адабиятка, кенен арыш таштап, дем күч менен кирип келгендей болдук. Мындай жакшылыктарга жетүүмө Анатай агай менен Бактыгүл эжелердин салымы чоң болду.

### Сын-пикир адамды өстүрүп же чөктүрүп жибериши мүмкүн

Улам китеп чыгарып, элдин көзүнө көрүнгөндөн кийин, сенин артыңда келе жаткан жаштар да изденип аракет кыла баштайт экен. "Нурборбор" аттуу чыгармачыл клубубуз бар. Ал жерде ар бир акындын ырлары сынга коюлуп, сын-пикирлерди угуп турасың. Бирок, бул сын пикир кээ бир адамды өстүрүп, кээ бир адамды чөктүрүп да жибериши мүмкүн. Ошондуктан баарыбыз сынды туура кабыл алганга аракет кылабыз. Ошол эле учурда сынды чындап айткан, ичи тарлык кылып айткандар да болбой койбойт.

### Максатты масштабдуу койгула

Адамдардын ичинен суурулуп чыгууда же бир ийгиликке жетүү үчүн биринчи өзүнө болгон ишеним керек. Андан кийин сени колдоп турган адамдар, ишенимдүү достор да маанилүү роль ойнойт. "Алма быш, оозума түш" деп жата бербей, изденүү, аракет кылуу керек. Азыр өзүң аракет кылбасаң, сен үчүн эч ким аракет кылбай турган заман. "Максат коёрдо чүнчүңдөбөй, масштабдуу максат койгула", – деп агайыбыз айтып калчу. Ошондуктан мен дагы Кудай буюрса "Эл акыны" болом деп жакшы ой максаттар менен бирге жашап келем.

*Түйүлгөн кабагымдан күн коркуп түнөрчүдөй,*
*Тагдырдын дөңсөөлөрү таманда түзөлчүдөй.*
*Толкундай артка кайтпас, жалтантат анык сүрүм,*
*Тоолорду тамырынан бошотуп жиберчүдөй.*

### Калем менен безге сайып жазып калабыз

Акыркы убактарда саясий ырларды да көп жаздым. Чоңойгондо аким болом деген жаным, кийин бой жетип, ал жакты көрүп, түшүнгөндөн кийин, азыр такыр жологум келбейт. "Сөөмөй менен көзгө сайып, калемдин учу менен безге сайып" деген чоңдорубузга арнап жазылган ырлар да бар. Бул чындыктарды өзүбүз айтпагандан кийин, бизге башкалар келип айтып берет беле? "Кыйын күндө келбесе, жакыныңдан не пайда.Чындык сөзүн айтпаса, акыныңдан не пайда" деген сыяктуу, колдон келишинче ачуу чындыктарды таамай жазганга аракет кылып жүргөн учурубуз.

### Намыстанып, жүрөгүң ыйлап чыккан учурлар болот

Азыр элге аралашып, кимдин ким экенин да билип калдык. Кээ бир чоңдорубуз ыр окуп жатсаң, телефонун чукуп же сүйлөшүп сыртка чыгып кетишет. Аны көрүп, маанай түшүп, намыстанып, жүрөгүң ыйлап чыккан учулар болот. Аларга сенин адабиятыңдын кереги жок экендигин байкасаң болот. Байлык топтосо, анан өзүнө жараша байлар менен мамиле кылып, бир-бири-бирине кошомат кылып жашоо кечирүүнү жакшы көрүшөт экен. Чоңдордун беш алтоосу эле биригип, маданиятты гүлдөтүп койсо болот эле. "Байлардын байлыгында кедейлердин да үлүшү бар" деген сөз бар эмеспи. Чоңдорго эч жүрөгүм жылыбай келет. Мындан кийинки келечегибиз кандай болот? Аны эми көрө жатарбыз.

Эгер биз улут бойдон сакталып калгыбыз келсе, ар бирибиз мекенибиздин келечегин ойлоп, алдыга гана умтулуп, жакшы иштерге себепчи болуп жүрсөк экен деп тилеймин. Адам болгондон кийин, Кудай сага акыл бергенден кийин, эмне үчүн бирөөнүн куралы болушуң керек. Өзүң ийгилик жарат, өзүң аракет кыл, өзүң умтул. Жаштар бирөөнүн куралы болбой, өз алдынча ийгилик жаратып, Кыргызстанга бир чыпык болсо да сайып, мекенибизге пайда алып келишине тилектешмин. Жалпы эле кыргыз элиме келе жаткан жылда көп жакшылык каалайм. Ар бир үйдө ырысы уяласын! Эч качан акчанын кулу болбойлу. Жүрөгүбүздөгү арууу сезимдер өчпөсүн. Жараткан ушул арууу тилектеribизди кабыл кылсын!

### Жаңы жан дүйнө

Жаңы жылдын көөдөндө жарасы бар,
Шампан, вино, аракка канасыңар.
Кырчын кези бир күндүк курал болуп,
Кыйылышат миңдеген балатылар.
Кытайлардын салютун жаркылдатып,
Кулак мээни тундуруп тарсылдатып.
Мына ушундай ысырап керек беле,
Араң жүргөн элиме там-туң басып.
Биз бириксек бак-таалай конот эле,
Ортобуза ырысы да толот эле.
Жыл жаңырат, жылда эле жыл жаңырат,
Жан дүйнөнү жаңыртсак болот эле.



## Кубат Тукешов: "Түрдүү обон менен чыксакпы деп жатабыз"

Биз төкмө акындардын баары эле "Токтогул" атабыздын мектебинен чыкканбыз деп да айтсак болот. Төкмөлүк өнөр пайда болгондон баштап, ушул күнгө чейин муундан-муунга өтүп келе жаткан өнөр. Азыр төкмөлүк өнөрдө баарыбыз бир эле обонго салып ырдап келе жаткандайбыз. Жаңы жылдан кийин өз алдынча обон менен чыксакпы деп жатабыз.

### Талант – шык менен кызыгуунун ортосунда

"Ар бир кыргыздын үйүндө төрдө комуз илинип туруш керек", – деп атам көп айтып калат. Биздин үйдө ар дайым төрдө комуз илинип турар эле. Ошол комузду көрүп чоңойгонумданбы, айтор, 6-класстан комузга кызыгып, комуз черткенди үйрөнө баштадым. Талант деген нерсе шык менен кызыгуунун ортосундагы нерсе экен. Эгер балада шык, кызыгуу болсо, анда ал бул өнөрдү алып кете алат.

### Жаш төкмө акындар бизди кубантат

Бул өнөрдө чоң акындарыбыздын катарын жаш акындарыбыз толуктаганы бизди аябай кубандырат. Аларды колдоп, жаштардын арасында гана айтыштарды уюштуруп, сыйлыктар жалаң жаштарга берилген жакшы жыл болду. Андан тышкары, "Жумамүдүн Шералиев атабыздын айтышы", "Ысык – Көл Манасчылардын бешиги", "Токтогулдун 150 жылдыгына карата" деген аталыштагы айтыштар өттү. Жакында эле "Жаш таңдай" деп өзүбүз эч кимден тыйын сурабай, өз күчүбүз менен айтыш өткөрдүк. Өзгөчө бул жылда кытайлык кыргыздардын, биздин сапка келип кошулуп, ийгилик жаратканы жакшы болду.

### Ырдатыш үчүн ырдайбыз

"Айтыш – жеңүү, же жеңилип калуу эмес, бул бир улуу баарлашуу" деп устаттарыбыз айтып калат. "Жашаш үчүн жашабай, башкаларды жашатыш үчүн жашайлы" деген сыяктуу, мен да "ырдаш үчүн ырдабай, ырдатыш үчүн ырдаймын" деген принцип менен өнөр көчүн улагым келет.

Өтүп бара жаткан жыл өнөр адамдары үчүн, жалпы эле элибиз үчүн берекелүү жылдардан болду. Келе жаткан 2016-жыл дагы куттуу жылдардан болсун. Эң негизгиси элибиз тынч, ынтымакта жашасын! Элибиздин жан дүйнөсү намазга, илимге, билимге, китепке ток болсун! "Чырыбыз менен эмес, ырыбыз менен, согушубуз менен эмес, комузубуз менен" элибизди тааныткандардан болуп жүрө берели.



# Макаламдын каарманы кандайсыз?

2015-жылы жарандарыбыздын акыйкаттык үчүн күрөшү боюнча укук жаатындагы макалалар жарык көргөн. Ошолордун арасынан "Депутат менен соттошкон базарком", "Мыйзамга ишенсең ушундай болобу?", "30 сотых жер үчүн коңшусун сабаган депутат", "Жөн жерден жабыр тарткан жарандар" аттуу макалалардын каармандары менен кайра байланышып, бул жылды жыйынтыктап коюуну чечтик

## Тергөөчүлөргө сөгүш жарыяланды



"Депутат менен соттошкон базарком" аттуу макалабызда **Ат-Башы районунун айылдык кеңешинин депутаты Абдылдабек Бокоев** Бишкекке акыйкат издеп келгенин айтып, укук коргоо органдары акчага сатылганын, сөзү эч жерге өтпөгөнүн айтып кайрылган эле. Бокоевдин ошондогу айтуусу боюнча, Ат-башы районунун Ат-Башы айылындагы базарда азык-түлүк сатуу эрежелери сакталган эмес. Мисалы, коомдук даараткананын жанында сүзмө сатылып турган. Ал эми сүзмөгө удаа эле малдын териси алынат экен. Базардагы 4 кафе мыйзамсыз салынган. Ушундан улам, Абдылдабек Бокоев санэпидем станциясы менен экология инспекциясын базарга алып барган. Мына ошол күндөн баштап базарком Кадыров Кубан Абдылдабекке өчөшүп алган. Ал Бокоевди "Мен сени депутаттыктан алдырам" деп коркутуп жүргөн. Кийин 2015-жылдын 20-апрелинде инилери менен сабап, Бокоев Ат-Башынын ооруканасында 12 күн, Нарын облустук бейтапканасында 10 күн жаткан. Ушул аралыкта базарком бир да жолу кечирим сураган эмес. Тескерисинче, ал басмырлап келген. Кийин бул ишти Ат-Башы районунун Ички иштер бөлүмүнүн тергөөчүлөрү Кутман Тоюмбеков менен Азамат Калыбеков тергешкен. Тергөөнүн жыйынтыгында "Аялыме менен келиниме таш колдонгон" деген жалган маалымат менен Кубан Абдылдабектин үстүнөн 243-пункттун 2-бөлүмүнүн 1-пункту менен №221539 кылмыш ишин козгогон.

Мына ушул көйгөй кандай чечилип, бүгүнкү күнү кандай абалда экенин билип коюу максатында каарманыбыз айылдык кеңешинин депутаты Абдылдабек Бокоев менен байланыштык. Натыйжада, ал бул иш тууралуу төмөнкүлөргө токтолду: "Башкы прокуратура менен ИИМ министри Мелис Турганбаев мени кабыл алды. Медициналык соттук экспертизага адвокат жалдагам. Соттук медициналык экспертиза Бишкекте дайындалды. Менин ишимди тергеген тергөөчүлөргө сөгүш жарыяланган. Бирок, Бишкектеги соттук медициналык экспертиза сабалганым боюнча экспертизанын жыйынтыгын чыгара элек. Мелис Турганбаев менин ишимди өз көзөмөлүнө алды. Аялым экөөбүз ак жерден соттолуп кете жаздадык", – деди ал.

## Инимдин иши Башкы прокуратурада



Ал эми "Мыйзамга ишенсең ушундай болобу?" аттуу макалабызда №50 абактын мурунку жетекчиси Иманкул Телтаевдин сырдуу өлүмү боюнча жазылган. Анда маркумдун өлүмү тууралуу туугандарынын демилгеси менен мамлекеттик тиешелүү кызматкерлердин, адвокат, эксперттердин катышуусунда тегерек стол болгон. Ыраматылыктын туугандары анын өлүмүн Башкы прокуратура тергешин талап кылган эле. **Ыраматылыктын бир тууган агасы Камчыбек Абелдиев**: "Бул өлүмдү саясатташтырбай, Башкы прокуратура өз көзөмөлүнө алып, иштин аягына чыгып берсе дейбиз. Күнөөлүүлөр өз жазасын алсын. Иним го өлдү, эми анын артында калган балдарына кара так калбасын", – деген.

Биз ыраматылык Иманкул Телтаевдин ишин Башкы прокуратура өз көзөмөлүнө алдыбы деген суроо менен агасы Камчыбек Абелдиевге кайрылганда: "Ооба, Башкы прокуратура инимдин ишин өз карамагына алган. Тергөө да Башкы прокуратурада жүргүдө" – деди.

## Үчүнчү тергөөчү иштеп жатат



"30 сотых жер үчүн коңшусун сабаган депутат" деген макалада Суусамыр айылынын тургуну Шайырбек Эсеналиев өзүн жана анын үй-бүлөсүн Суусамыр айыл өкмөтүнүн депутаты инилери менен сабап кеткендигин айтып, милиция кызматкерлери жана соттук-медициналык экспертиза туура эмес тыянак чыгарып жатканына наразы болуп, акыйкат издеп жүргөнүн айткан. Жабырлануучунун иниси Досей Эсеналиев агасынын мурду сынса да, эки ирет тең соттук-медициналык экспертиза туура эмес чечим чыгарганына зээни кейип отуруп: "Кара-Балтадагы соттук-медициналык экспертиза агамдын мурду сынса да, жеңил жаракат деп жыйынтык чыгарган. Бишкектеги соттук-медициналык экспертиза да агамдын жабыркоосун "жеңил жаракат, мурду сынган жок" деген бүтүм чыгарышуда. Кара-Балтадагы рентгендин сүрөтүн жоготуп жиберишиптир. Мурун сынган фактыны көзгө илбей жатышат", – деген.

Биз бул иштин акыры эмне менен бүттү деп байланышканыбызда Шайырбек Эсеналиевдин иниси Досей Эсеналиев: "Медициналык экспертизаны бурмалоого аракет кылынгандыктан чатакташып, улам арыз жазып отуруп, 2 тергөөчү алмашып, 3-тергөөчү иштеп атат. Августта башталган соттук медициналык экспертиза декабрда чыкты. Жакында сотко берилет. Окуя болгон жерде таяк болгон. Ошол таякка милициялар протокол түзбөй, алып коюшкан жана анализге да жөнөтүшкөн эмес. Учурдагы тергөөчү ал таяктарды лабараторияга жөнөттү", – деди ал.

## Өкмөт талабыбызды толук аткарды



"Жөн жерден жабыр тарткан жарандар" аттуу макалада үстүбүздөгү жылдын 16-июль күнү Бишкек шаарынын Панфилов-Горький көчөлөрүнүн кесилишиндеги үйлөрдүн биринде диний экстремисттик уюмдун террористтери менен атышуу болгону коомчулукту дүрбөлөңгө салган. Эки кабаттуу үйдү ижарага алган террорчуларды УКМК, ИИМ, ӨКМ кызматкерлери жана "Альфа" атайын күчтөрү курчоого алган. Террористтерди жок кылуу аракети саат 16.30да башталып, үн чыгаруучу гранаталар, гранатомет, Калашников автоматтары колдонулган. Эки тараптуу салгылашууда террористтер жашынган чоң үй өрттөнүп, тилсиз жоо айланадагы бир нече үйдүн да күлүн көккө сапырган.

"Эки дөө урушса, ортодо кара чымын кырылат" дегендей, бул окуядан жабыр тарткандардын көпчүлүгүнүн үйү курулганы менен Раззыковдордун үйүнө эч кандай жардам көрсөтүлө элек болчу. Алдын-ала атышуу болот деп эч ким эскертпегенин айтып, кичинекей баласы менен аман калганына шүгүр кылса да, зыян тарткан үйү бүгүнкү күнгө чейин толук калыбына келтирилбегенин Темирова көчөсүнүн 16-үйүнүн жашоочусу Жамиля Раззыкова төмөнкүчө айтып берген эле: "2015-жылы 16-июлда, кечки саат 18:15те антитеррористтик операция башталды. Ошол маалда балам экөөбүз үйдө болчубуз. "Атышуу болот" деп бизди эскертишкен эмес. Окуя болгон күнү үйүбүздүн 2-кабатына РПГ снаряды учуп кирген. Үй жумшак пеноблоктон болгон үчүн ал жарылган жок. Ошондон улам, биз аман калдык. Снаряд үйгө кирип, шыптан чыгып чатырга такалды. Эртеси күнү спецназдар келип, снарядды зыянсыз чыгарабыз (разминирование) деп чатырдын баарын омкоруп, снарядды зыянсыздандырышкан (обезвреживание). Кийинки күнү милициялар, Социалдык коргоо жана Өзгөчө кырдаалдар министрликтери (ӨКМ), акимият, дагы башка кызматтардын баары акты түзүп: "Үйдөгү жабыркаган оокаттардын баарын калыбына келтирип беребиз", – деген сөздөрдү айтып бизди ишендирип кетишкен. Бирок көрүнүктүү жерлерди гана жасап, башкасы каралган жок. Ошону менен "калганын кийин жасайбыз" деп кетишкен бойдон келишкен жок".

Ушундан улам, бүгүн биз Жамиля Раззыкова менен байланышып, үйүнүн акыбалын сураганыбызда: "Үйдүн ремонтун жасап беришти. Дарбазаны алмаштырышты. Ошондой эле мэрдин орун басары Милицкийге жазылган "50 миң сом төлөп берүү" арызы боюнча акчаны төлөп беришти. Бизге 50 миң сомду Милицкий эмес, Биринчи май акимиятынан төлөндү. Биз талап кылгандарыбыздын баарын аткарып беришти", – деди ал.

*Өзүңүздөр көргөндөй, жыл жыйынтыгы жакшы нукка өзгөргөнү бизди да сүйүндүрөт. Раззыковдордун үй-бүлөсүнүн талап кылгандары аткарылса, айылдык кеңешинин депутаты Абдылдабек Бокоевдин ишин ИИМ министри Мелис Турганбаев өз көзөмөлүнө алыптыр. Ал эми Суусамыр айылынын тургуну Шайырбек Эсеналиевдин ишин караган 3-тергөөчү мурунку тергөөлөрдө көрсөтүлбөгөн фактыларды көрсөтүп, жакын арада сотко жөнөөрүн айтып кубанып отурат. №50 абактын мурунку жетекчиси, маркум Иманкул Телтаевдин өлүмү тууралуу ишти болсо, Башкы прокуратура өз карамагына алган экен. Мына окурман бул да болсо жакшылыктын белгиси эмей эмине...*

АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ

# Түрк менен оруска арачылык кылууга ал бардыр...

Президентибиз Алмазбек Атамбаевдин түрк менен орустун ортосундагы чатак тууралуу сүйлөгөн сөзү интернетте катуу талкууланды. Ажобуз жана мамлекетибиз геосаясатта кимге арачы түшүп жатканын билиш үчүн бул эки өлкөнүн жана анын башчыларынын кандай абалда экенине бир сыйра көз чаптырсак



Фотоколлаж

## Майланышып, манчыркаган түрк бийлиги

Бир убакта Сириянын президенти Башар Асадды «бир тууганым» деген түрк президенти Тайийп Эрдоган коңшусун 2011-жылдын жазынан тартып «канкор» деп баштаган. Башар Асаддын атасы Хафес Асад убагында «Баас» партиясына каршы чыккан 80 000 жаранын кырган деген маалыматтар бар. Эс-акылы ордунда болгон түркиялык серепчилер Тайип Эрдоганга Хафестин уулу Башар да адам кыруудан баш тартпайт деп эскертишкен. Бирок Осмон халифатынын тактысын кайра тургузуп, ага мингенге камынып алган түрк ажосу бул эскертүүлөргө кулак салган эмес. Кечээги бир тууганын макамынан шыпырып түшүп, ордуна өзү каалаган адамын отургузуу үчүн Сирияга кире баштаган кан ичкич каракчыларга бардык шарттарды түзүп берген. Ит уюгундай уюшкан канкорлор Түркиянын чек араларынан эч тоскоолсуз өтүп, аларга куралдар байма-бай жеткирилип турду. Ал тургай жаракат алган төңкөрүшчүлөрдүн аттуу-баштууларын түрк бейтапканаларында дарылап да жатышты. Түрк бийлиги бүт дүйнөдөн Сирияга агып кирген курал-жарактан жана ал жактан агып чыккан мунайдан олчойгон шыралга алып, бармактарын жалаганга да үлгүрбөй калган. Мындай майлуу олжого оозу толгон түрк бийлиги кээде башын көтөрүп, «Башар Асад 200 миңдей жаранын кырып салды» деп чар тарапка кыйкырып коюп жатты. Ал мындай шылтоону маал-маалы менен айтып туруусу зарыл болчу. Себеби мунай менен куралдан түшкөн акчанын агымы азайбаш керек жана 2,5 млн. сириялыкка кучагын ачкан элинин боорун ачытып турушу зарыл эле.

> Осмон халифатынын тактысын кайра тургузуп мингенге камынган түрк ажосу эскертүүлүргө кулак салган эмес

Убагында «коңшуларыбыз менен чатагыбыз жок» деген саясатын жүргүзгөн түрк бийлиги учурда бардык коңшулары менен ит-мышык болуп турган чагы. Мунун негизги себеби баягы эле – үч уктаса беш жолу өзүн султан көргөн Тайийп Эрдоган жана анын бул кыялынын аркасы менен кызылдай акча таап жаткан жакындары.

Эми бул маселенин баары чектеш өлкөлөр тууралуу дейли. Бирок, ошол эле маалда Түркиянын ичинде да иш анча жакшы эмес. Анда кепти t24.com.tr сайтынын серепчиси Хасан Жамалга берели. Ал 27-декабрдагы макаласында: «Абактардын эшиктери «кош бийлик жүргүзгөндөр, чыккынчылар, террорчулар» деген кине коюлган адамдарга төрүнө чейин ачылды. Жалпыга маалымдоо каражаттарынын (ЖМК) булуң-бурчунда калган оппозициялык медиа биринин артынан бири жабылууда. ЖМК барган сайын бийликке ыктап, анын тегирменине алдастап суу ташып калды. Түркия күн өткөн сайын тозокко айланып баратат. Өлкөбүздү баарыбызга каратып туруп балээге сүйрөп баратышат», – деп ызаланган.

## Табынан кайткан Путин

Эл аралык серепчилер Орусия президенти Владимир Путиндин быйылкы жылды жыйынтыктап берген пресс-конференциясын көрүп отуруп: «Мурункуга караганда башкачараак» деген бүтүмгө келишкен. Ыңгайына жараша тамашакөй, каршылаштарынын тыптыйпылын чыгарган фактыларды шатыратып айткан, берилген суроого чын дили менен жооп кайтарган баягы Путин жок экен. Аны айрыкча ички саясаты түйшөлтүп турган чак. Себеби 20 жылга жакын жеке бийлеп келген мамлекетинде согуштук курал чыгаруу тармагынан башка чеке жылытарлык ийгилик жок экени маалым болду. Бул кашкайган чындык орустар Украинанын айласын алты кетиргенде, Батыш киргизген экономикалык бөгөттөрдөн улам ортого чыга түшкөн. Орустардын душмандары колтугуна суу бүркөн Сауд Аравиясы болсо дүйнөлүк базарда Кремлдин кирешесинин үлкөн бөлүгүн түзгөн мунайдын баасын түшүргөнү түшүргөн. Натыйжада, эл аралык экономикалык кысымдан жаңы эле кутулуп, мунайын сатып жыргайын деген Ирандын кызыкчылыгы Орусияныкы менен дал келе түштү. Алар «кара алтындын» баасын жогорулатуу максатында Сириядагы жарандык согуштун отун кошоктошо үйлөп, Орто Чыгыштагы сунний араб мамлекеттеринин баарын тутандырууга жан алакетине түшө баштады. Орусиянын мындай аракеттерге баруусунун себеби – элин улутчулдук империалисттик ураандар менен алаксытуу жана тегерегиндеги чоң кекиртек саясатчылардын бакубат жашоосун камсыздоо болгон. Мындан сырткары, Украина менен Сириядагы согуштук аракеттерди улантуу үчүн Орусияга акча керек. Эгер мунайдын баасы көтөрүлсө, азыркы жана келечектеги согуштук компанияларга каражат жетиштүү болот дешет серепчилер.

Владимир Путиндин пресс-конференциясы тууралуу орус басылмалары улунуп-жулунган бөлүктөрдү берип тим болушту. Бул балким берерге деле эч нерсе жоктугунандыр. 1400 журналисттен 32си гана суроо бергенге үлгүргөн бул иш-чарага катышкан Aktualne.cz порталынын журналисти Жиржи Жуст үч нерсеге басым жасаган. Биринчиси Орусия Түркияга душман катары карабайт, экинчиси Сирияда кошумча аскердик база ачпайт жана үчүнчүсү Путинди өлкөсүнүн ички абалы анча кызыктырбайт.

Чех журналисти Петра Прохазкованы ОФ президентинин чыгыш Украинада орус аскердик адистери бар экенин моюндаганы кыжырланткан. Ал буга чейин Путин орус аскерлери Украинада бар экенин танып келгенин эскертип, 15 жылдык бийликтен чарчап, ою башаламан болуп калганбы, же Виктор Шендерович айткандай чын эле «уят-сыйытты жыйыштырып койгон калпычыбы» деп жоромол кылган.

Эл аралык ЖМКлар орус лидеринин ички маселелерге тиешелүү суроолорго тамашалап же чала жооп бергенин, же айтарга сөз таппаганын байкашкан. Жалпысынан алганда, быйыл Путин өз тегерегиндеги адамдар менен жөнөкөй жарандарынын кызыкчылыгынын ортосунда калып, чайналып турган сыяктуу сезим калтырган.

> Фактыларды шатыратып айткан, берилген суроого чын дили менен жооп берген баягы Путин жок

## Путин мактаган Трамп ким?

Владимир Путин АКШдагы президенттик жарышка республикачылар тарабынан ат салыша баштаган Дональд Трамп тууралуу оюн пресс-конференциясы аяктагандан кийин айткан. Анын бул оюу америкалык ЖМКлар үчүн эң биринчи күндөм болду. Путиндин Трамп тууралуу пикири АКШдагы шайлоого кандайдыр бир таасирин тийгизеби деген суроого The Christian Science Monitor гезити: «Буга чейинки тажрыйбага таянып, орус президентинин пикири америкалыктардын Трампты колдоосуна түрткү болот деп божомолдосок болот», – деп жооп берген.

Американын эң алдыңкы басылмаларынан бири The Wall Street Journal Владимир Путиндин төмөнкүдөй сөзүн толук келтирген: «Трамп эч күмөнсүз жөндөмдүү, өтө жылдыздуу адам. Ал АКШдагы президенттик жарыштын талашсыз лидери. Ал Орусия менен жакын жана терең мамлилелерге өтүүнү каалап турганын айтты. Биз муну колдоосуз калтырсак болобу? Албетте, биз муну колдойбуз», – деген.

Владимир Путиндин Дональд Трамп тууралуу оюн америкалыктар өз күндемине байланыштырып, жоруп жатканы мыйзам ченемдүү нерсе. Бирок Путиндин америкалык президенттик макамга талапкерлигин коюп, жарышка түшкөн Трампты колдоосу дүйнө мусулманчылыгын кооптондуруусу керек.

Орусиянын жана ага өнөктөш Казакстан менен Борбор Азиянын мусулмандарынын дээрлик бардыгы суннийлер. Ошондуктан Москванын Иран, Ирак жана Сириянын шииттери менен тыгыз байланышта саясат кылуусу баарыбызды ушуга чейин ойлондуруп келген маселе болчу. Эми болсо, Орусиянын президенти мусулмандардын АКШга кирүүсүн толугу менен тыюу сунушун айтып, өлкөсүндөгү бардык мусулмандарды сая түшүп аңдууга чакырган жана 2001-жылдын 11-сентябрындагы Нью-Йорктогу террордук чабуулга мусулмандардын баары сүйүнгөн деген куру доомат ойду айтып чыккан талапкерди мактап-жактап турат. Мындан улам, мамлекет башчысынын бардык жарандарына болгон ниети таза болуш керекпи же элинин бир бөлүгүнө көңүлү түз эмес экенин жашыра билсе болдубу деген суроолор туулат.

## Ажолукка аллергиясы бар кыргыздар

Дүйнөнүн үлкөн саясатчылары Тайийп Эрдоган менен Владимир Путинден чочулап турушат. Биринин катуу үрксө, Европаны каптап кетчү эли, экинчисинин өзөктүк куралы бар. Мындай шартта Атамбаевдин адамдык жана мусулмандык милдетин аткарып, аларды элдештиргенге аракет кылуусу туура.

Кыргыздар бир аз оорукчанбыз. Биз азыркы Президентибизге: «Сени көрбөсөм болду. Андан кийин мага демектен мурунку мылжыңыбыз же кийинки канкорубуз кайтып келсе да ыраазымын», – дегендей мамиле кылабыз. Алмазбек Атамбаевдин Тайийп Эрдоган менен Владимир Путиндин чатагы үч өлкөнүн тең элине зыяны тийип атат дегени да бизге шылтоого шыноо болуп, кыйшык-мыйшык жорумдарыбызга жол ачты. Эми 2017-жылга чейин кичине чыдай туралы. Анын деле биздей элди башкаруудан кутулайын десе, эки көзү төрт болуп күн санап турганы билинип турат. Бизге кереги жок болсо, балким башка бирөөлөр баалайттыр. Бирок ушунубузга шүгүр кылбаганыбыз үчүн, Жараткан бизге алдыда кимди камдап турганын билбейбиз.

ЭСЕН ӨМҮРАКУНОВ

# 2016-жылы өрүшүңөздөр малга, кырманыңыздар данга толсун!

Мына ошентип 2015-жылдын да сапары карып бара жатат. Жалпысынан узап бара жаткан кой жылы элибизге жакшы жылдардан болуп берди десек болот. "Сaресеп" гезити да 2015-жылда улуттук оюндарыбыздын жүзү болгон ат чабыш, көк бөрү оюндары, жылкы баласы туурасында ат ышкыбоздору болгон окурмандарыбыз үчүн бир катар материалдарды даярдап бердик. Эми узап бара жаткан жылды жыйынтыктап, гезитибиздин каармандарына жана ат жандуу инсандарыбыз жалпы элибизге жаңы жылдык куттук айтышат



**Турсунаалы Мамбетаитов "Аргымак" федерациясынын мүчөсү:**

"Кирип келе жаткан 2016-жыл маймыл жылы экен. Бул жыл элге-журтка акжолтой жыл болсун. Элибизде ынтымак, биримдик орносун. Ушул жылы арышыбызды кенен таштап, алга жылалы жана өркүнүбүз өссүн. Күлүктөрүбүз байгелүү болуп жакшы ийгиликтерге жетишели."



**Замирбек Мукашев «Элдияр» жылкы заводунун Президенти:**

Мына ошентип жаркырап жаңы жыл келип калды. Азыркы оңой эмес мезгилде элибизге чоң ийгиликтерди, аманчылыкты, тынччылыкты жана биримдикти каалайм. 2016-жыл алдыңкы экономикалык өсүштүн, спорттогу ийгиликтердин жылы болсун. Ар дайым ат үстүндө болгула. Жаңы жылыңар менен!



**Табылды Асыгалиев улуттук спорт түрлөрү боюнча журналист:**

Жалпы улуттук оюндарды сүйүүчүлөрдүн атынан кыргыз элибизди кирип келе жаткан жаңы жыл менен куттуктайм. Элибиз тынчылыкта бакубаттыкта жашап, өлкөбүз өнүккөн мамлекеттердин бирине айлансын. Ар бир кыргыз жаранына жаңы жылда ден-соолук баардык жакшылыктарды каалайм.



**Рустам Тыналиев 2016-жылдын мыкты улакчысы:**

Кирип келе жаткан 2016-жылы кыргыз элиме тынчылык, молчулук, аманчылык каалайм. 2015-жыл биздин Сары-Өзөн командасы үчүн абдан жакшы жылдардан болду. Көптөгөн ийгиликтерге жетиштик. 2016-жыл да жакшы жылдардан болсун, спорт тармагы өнүксүн. Баарыңыздарды жаңы жылыңыздар менен куттуктайм.



**Исаков Айбек**

Кирип келе жаткан 2016-жыл тынчылыктын, токчулуктун жана молчулуктун жылы болсун. Быйылкы маймыл жылында биздин "Достук" командасы жакшы оюн көргөзүп, чемпион бололу. Улакчылардын баарына ийгилик каалайм. Быйыл кырсыктан тышкары көп-көп оюндар болсун. Элге-журтка тынчтык, ар бир кыргыз жаранына бакубат жашоо каалайм. Жылыбыз жакшы жылдардан болсун.



**Болот Тыналиев "Аргымак" федерациясынын вице президенти:**

"Жалпы кыргыз элин кирип келе жаткан 2016-жыл жаңы жылы менен чын ыкласымдан куттуктайм. Биздин улутубуз ден соолукта болсо, абдан мыкты болсо, мамлекетибиз өнүгүп-өркүндөйт. Ошондуктан кыргыз элиме ден-соолук каалайм. Андан кийин келе жаткан маймыл жылында 2-дүйнөлүк көчмөндөр оюну өткөнү турат. Мына ушул Көчмөндөр оюнун жогорку деңгээлде өткөрүп алалы. Биздин үрп-адат, каада-салттарыбызды дүйнө жүзүнүн баарына көргөзүп, кыргыз экенибизге сыймыктаналы."



**Алышбаев Бектурсун Ысык-Көл областынын Камбар Ата коомунун төрагасы:**

2016-жыл баарыбызга токчулук, молчулук, тынччылык алып келген жыл болсун. Бардык кыргызстандыктардын ден соолуктары чың болуп, иштеген иштери болсун. Ар бир кыргыз жаранына үй-бүлөлүк бакыт-таалай каалайм. Ошодой эле 2016-жылы көп-көп ат чабыштар болуп, кыргыз эли дайыма ат жалында, жакшылыктардын үстүндө болсун. Маймыл жылы кубанычтарды көп алып келген жакшы жылдардан болсун!



**Каныбек Осмоналиев олимпиада чемпиону:**

2016-жылы олимпиада өткөнү турат. Эң негизгиси Жогорку Кеңеш биздин спортчуларыбыздын олимпиадага катышуусу үчүн казынадан кошумча акчалай каражаттарды бөлдү. Мен мамлекеттин мындай камкордугун биздин спортчулар менен машыктыруучуларга чоң стимул болуп, олимпиада оюндарына жакшылап даярдануусуна мүмкүнчүлүк берет деп ойлойм. Кыргыз спортчуларынын келечектери кең жана олимпиада оюндарында жакшы жетишкендиктерди көргөзүшөт деген үмүттөмүн. Маймыл жылында спортчу балдарыбыз жакшы ийгиликтерди көргөзүп, элибиз кубансын.



**Жөнөтбаев Камчыбек ат чабыш боюнча "Талас" ассоциациясынын жетекчиси:**

Кийинки мезгилде Президентибиз баш болуп, улуттук оюндарга басым жасап жатат. Ат чабышты биз улуттук оюндардын падышасы деп коёбуз. Бул илгертен Манас атабыздан бери келаткан эң сонун кыргыздын оюндарынын бири. Мына ушул ат чабыштын кийини жылдары баркы көтөрүлүп келе жатканы бизди сүйүндүрбөй койбойт. Келе жаткан 2016-жыл аманчылыктын, ийгиликтин жылы болсун. Жалпы элибизде тынчылык болсун.



**Анарбек уулу Сейитбек "Талас" командасынын оюнчусу:**

Кыргыз элимди келе жаткан жаңы 2016 маймыл жылы менен куттуктайм. 2015-жыл "Талас" командасы үчүн, баарыбыз үчүн жакшы жылдардан болду десем болот. Быйыл "Талас" командасы жакшы оюндарды көргөзүп, Президенттик кубокту жеңип алдык. Учурдан пайдаланып командалаштарымды жана жалпы улакчыларды жаңы жылы менен куттуктайм. Спортту сүйгүлө, талбай машыккыла жана алдыда келе жаткан оюндарда жакшы ийгиликтерге жетишкиле демекчимин. Жаңы жылыңыздар менен.

# «Аялына билдирбей алам дейт»



Кыргызстан аалымдар кеңешинин мүчөсү, айтылуу Чубак ажы Жалиловго суроолоруңуздарды SMS же Whatsapp аркылуу 0773-61-54-87 номуруна жибериңиздер!

**1) Жолдошум мен келгенде эле оорукчан болчу экен. Кийин кайненем баламдын оорусуна сен себеп болдуң деп айта баштады. Талак сурасам болобу, мен күнөөкөр болдумбу? (Бул суроо кыскартылды, бирок устаз толугу менен окуду)**

**Жооп:** Урматтуу бир тууганым! Бул жерде сенин күнөөң жок. Эч кандай кыжалат болбо! Сен да адам сыяктуу жашоого, бактылуу болууга укуктуусуң. Эмне үчүн башка бирөө оорулуу болсо сен да оорулуу болушуң керек? Ушунча кылганыңа ыраазы болсо болмок. Сенин күйөөңдөй мамиле кылбаса, талак сураганга укугуң бар. Ал психикасына доо кеткен инсан катары, сага да зыян жеткирип коюусу ыктымал эмеспи? Ата-энеңе баарын айтып бер! Алар сага жакшылык гана каалашат. Кудай Таалам бактылуулук насип этсин.

**2) Аял киши гусул алганда чачын толук жууйбу же масх тартып койсо болобу?**

**Жооп:** Эгерде, шариаттык иш болгондо, аялдын чачы өрүлүү болсо, ошол бойдон гусул алганга чейин чачынын өрүмү жазылбаса, анда гусул алган учурда аял киши башынын терисине толук суу жеткирип, калган чачына суу жеткирбей койсо жарай берет. Жөн гана сыртынан масх тартып, сылап коёт.

**3) Жолдошум каза болгон, ортодо балабыз жок. Каза болгондо талагы түшөт деп уктум. Акыретте акыркы никедеги жолдошу менен болот дейт, ушул туурабы? Жолдошум "аял кишинин башы бош болбош керек" деп айтчу. Башка менен турмуш кургум келбейт. Башым бош, турмушка чыкпай өтсөм күнөө эмеспи?**

**Жооп:** Күйөөсү өлгөн аял төрт ай, он күндөн кийин башы толук ачылып, бошойт. Башкага турмушка чыга алат. А эгер, боюнда болсо, төрөөрү менен башы ачылат. Бирден ашык турмушка чыккан аялзаты, акыретте кулк-мүнөзү эң жакшысы менен бирге болот.

Жалгыздык жалгыз Жаратканга гана жарашкандыктан, пенделери колдон келишинче никелүү болгону жакшыраак. Бирок, милдеттүү эмес. Көңүлүңүз тартпаса, же мойнуңуз жар бербесе, жалгыз жашаганыңыз деле макул. Ылайыгы чыгып калса, ойлонуп көрсөңүз, андан бетер жакшы болот.

**4) Устаз, Москвага качан келесиз? Бизге да зыярат кылып кетиңиз.**

*Москва, аты белгисиз.*

**Жооп:** Москвага 23-январда келем, насип болсо. Мен келген жерге келип, өзүңөрдү зыярат кылдыртып кеткиле, макулбу?!

**5) Көз тийүү (кирене кирүү) боюнча айтып бересизби. Анын белгилери кандай? Адамды киренелөө туурабы?**

**Жооп:** Көз тийүү акыйкат. Пайгамбарыбыз алайхис салам бул жөнүндө өз хадисинде айткан. Кирене кирүү да көз тийүүнүн бир формасы. Колунда эми бар адамдар киренелеп койсо жакшы болот. Динге каршы келбейт. Киренелөө – кирене кирген адамдын жакшы болуп кетүүсүн Кудайдан тилеп, дуба кылып, колу менен адамды сылагылап, жоюп-укалоо. Пайгамбарыбыз алайхис салам да Айша энекебиз ооруп калган учурда, колун башына коюп, дуба айтып дем салып берген. Мааниси кирене жойгондордун тилектерине үндөшөт.

**6) Мен көп жылдан бери ыйман жолундамын. Жолдошума да ыйманына карап, турмушка чыккам. Жолдошум намаз окуйт, орозо кармайт, мен тааныгандан бери жамаатта. Азыр 4 балабыз бар. Жолдошум классташтары менен Whatsapprтан группа ачып алып, күндө жазышып турат. Классташтарынын көбү кыздар. Жазында 20 жылдыкка чогулганы жатышат. Ушу маселе боюнча кеңири жооп берип коёсузбу? Ушул кылганы туурабы?**

**Жооп:** Сиздин кызганганыңыз туура! Аял кишилер менен жөн эле сүйлөшө берүү туура эмес. Сиз да эркек классташтарыңыз, группалаштарыңыз менен ошентип сүйлөшсөңүз, эмне дейт болду экен? Ошондой эле, анын классташтарынын да күйөөлөрү бар. Мусулман эркек аялзат менен достошпойт. Алар менен шариаттын чегинде гана мамиледе болот. Аларга урмат-сый көрсөтөт.

**7) Бала төрөлгөнүнө 40 күн болгондо, кыркын чыгарган салтыбыз бар го, 40 токоч, 40 кашык сууга жуунтуу сыяктуу. Ошолор шариатыбызга туура келеби?**

**Жооп:** Баланын кыркын чыгаруу деген сөз жок шариатта. Ошол баланы төрөгөн аялдын кыркын чыгаруу деген бар. Ныфас мөөнөтү бүткөндөн кийин, гусул алып жуунат. Ныфас мөөнөтүнүн эң көбү – кырк күн.

**8) Арак кошулган коланы байкабай ичип алса эмне болот, күнөө болбойбу?**

*Ысык -Көл, Нурсултан.*

**Жооп:** Адашкандын айбы жок, кайтып үйрүн тапкан соң...

**9) Кошунам экөөбүз бири-бирибизди түшүнө албай урушуп кеттик. Жаман сөздөрү менен көңүлүмдү катуу оорутту. Күйөөмө айтсам, өзүң күнөөлүүсүң деп урушат. Кыйын учурда мени колдобойт. Биздин 3 балабыз бар. Кээде буулугуп ыйлайм. Кеңешиңизди бериңиз, устаз?**

**Жооп:** Жакшы күйөөң бар экен. Антпесе, сен элдин баары менен урушуп кетип жүрбө?! Сени менен чогуу жашап, бир жаздыкка баш койгону сени колдогону болот. Эри бар аял эмнеге буулугуп ыйлаш керек? Сен каткырып күл. Жыргап жаша. Намазды калтырбай оку. Эриңди сүй. Сүйбөсөң да сүй. Сүйүү менен жашоо – бактылуу жашоо.

**10) Мен Москвада ОМОНдо иштейм. Бизге ар кандай буйруктар келет. Аларды аткарсак күнөөсү кимге болот? Кээде барып урушту токтотсок, кээде атып салабыз дегендей.**

*Москва, Муси.*

**Жооп:** Урушту токтоткон туура. Атып салууга келгенде карап көр. Алар мусулман эмес мамлекет болгондон кийин, кээде жөндөн-жөн эле мусулмандарды ата берүүсү да мүмкүн. Ал учурда огуңду бошко ат.

**11) Мен намаздын рекеттерин жакшы билбейм. Алмаштырып, адашып окуп алам. Күнөө болбойбу? Мен көп күнөө кылгам, ал күнөөлөрүмдөн кандай кутулсам болот?**

*Москва, Муси.*

**Жооп:** Алмаштырып, адашып окуп алганың күнөө эмес, атайылап жасап жатпагандан кийин. Акырындык менен ондой бер! Күнөөлөргө тооба кыл. Адамдардын көңүлүн оорутсаң, же акысына кирип кеткен болсоң, алардын алдынан өт, кечирим сура!

**12) Никаб кийүү аял кишиге парзбы? Кийбесе күнөө болобу? Кенениреэк түшүндүрүп бересизби?**

*Москва, Алтынбек.*

**Жооп:** Никаб кийүү сүннөт болуп эсептелет. Кийбесе күнөөкөр болбойт. Никаб кийүү адатка айланган жерлерде кийинүү сүннөт болот. Никаб – аялдын көзүнөн башка жерин жаба турган жүзгө тартылчу көшөгө.

**13) Эркек киши имам матруди акыйдасын карманса, аялы салафи акыйдасында болсо, эркек киши Алла астында жооп береби?**

*Москва, Исраил.*

**Жооп:** Аялына туура акыйданы үйрөтүү эркекке милдеттүү. Ошол туурасындагы жакшы китептерди аялына алып берүү керек. Туура эмес акыйдадагы жамааттардын сабактарына баруусуна тыюу салуу зарыл.

**14) Келинчегим экөөбүз жашаганыбызга 3 ай болгон. Мен жумушта кезде, апасы менен урушуп, өлөм деп коркутуптур. Урушуп койсом, үйдөн качып башка бала менен кетип калыптыр. Эртеси таптык. Кайра жашайлы деп, кечирим сурап жатат. Эмне кылышымды билбей жатам, устаз.**

*Токмок, Жоомарт.*

**Жооп:** Кабыргаң менен кеңеш. Кокус аны менен жашай турган болсоң, ал тиги менен чогуу болгон болсо, бир айыз мөөнөт өткөнгө чейин, аны менен төшөктө чогуу болгонго болбойт. Бир айыз болгондон кийин, боюнда жоктугу аныкталса, кайра чогуу жашаганга болот. Эгерде тигинден боюна болуп калса, аны төрөгөндөн кийин гана чогуу жашоого болот.

**15) Мен азыркы учурда бир баланы өзүм тарбиялап жатам. Жалгыз бой жүргөнүм үчүн 2-аялдыкка колумду сурагандар болуп жатат. Никеге турганда ата-энеге айтпай эле, аялына билдирбей алам дейт. Мен күнөөкөр болбоймунбу? Үй-бүлөсүн бузуп тиейин деген максатым жок.**

**Жооп:** Аялына билдиргиси келбей жатса, демек, аялынан корккон эркек экен. Ошол эркек, кыңыр иш кырк жылдан кийин билинет деп, эртең билинип калса, сизди коргогого даярбы деген суроо туулат. Ата-энеге айтып никеге турсаңыз кадырлуу болосуз. Болбосо, ойноштой болуп жашыруун жашагандан жадап бүтөсүз. Көлөкөңүздөн коркуп, коёндой болуп жашайсыз!

**16) Биз үй-бүлөбүз менен Москвада турабыз. Кайнежем 4 баланын апасы. Жолдошу жол кырсыгынан каза тапкан. Өзү дин жолуна түшүп, жоолук салынып жашайт. Бир күнү дин жолунда жүргөн өзү куракту мырза менен таанышып, экинчи жолугушууда никеге турат. Ата-энесине да айтпайт. Ал аялы менен ажырашкам деген экен, бирок, ажырашпаптыр. Бир жума жашагандан кийин "даватка кеттим" деп кеткен бойдон дайыны жок. Ажебиз кош бойлуу болуп калыптыр. Алдырайын деп акыреттеги суроктан коркот. Ичи чыга баштаганда бизге келди. 4 баласын бир туугандарынын, инисинин жардамы менен араң багат. Туула турган бөбөктү эмне кылыш керек? Айылга барайын десе шерменде болот. Эч ким көргөн да, билген да эмес. Азыр ал үчүн бала багуу аябай оор. Ошого карабай, ушул жерде багып, карайм дейт. Баланы төрөп, атасын таап берип койсо болобу, же эмне кылыш керек? Азыр 7 айдан өтүп калды.**

*Москва, аты белгисиз.*

**Жооп:** Ооба, атасын таап, баласын чапанынын өңүрүнө салып берсин! Же айылдагы эркектин ата-энесине алып барсын. Ошолор багууга милдеттүү. Кокустан ачкадан өлсө, баланын атасы күнөөкөр болот.

**17) Бала багып алганда аны эмизбесе, бала ошол үйгө наамахрам болуп калабы? Кенениреэк маалымат берип коюңузчу?**

**Жооп:** Ооба, ал бала ошол үйгө наамахрам болуп калат. Бирок, баккандыгы үчүн эбегейсиз сооптorго ээ боло беришет. Бала чоңойгондо баккан энеси да анын алдында жоолукчан жүрүүгө милдеттүү болот.

**18) Тоок эти боюнча суроо. Москвада бир цехте Биссмиллахир арохманир рохим, Аллаху акбар деп бир баскычты басуу менен бир канча тооктун жаны чыгарылат. Ошолорду адал деп сатып жатышат. Кээ бир адамдар ар бир тоокко Бисмиланы айтып сойсоң гана адал болот дейт.**

*Москва, Руслан.*

**Жооп:** Бул маселеде жообум азырынча жок. Болгондо айтайын.

**19) Үй-бүлөбүз менен Орусияда турабыз. Эки балабыз бар. Ай сайын квартирага акча төлөйбүз. Кредит арам экенин билебиз. Өзүбүз намаз окуйбуз. Мен хижжап кием. Тапкан ырыскыларыбыз адал болсун деп аракет кылып жашап келебиз. Бир канча жылдан кийин үй өзүбүзгө калат экен деп ипотекага үй алдык. Тапкандарыбыз арам болуп калбайбы?**

*Москва, Жазгул.*

**Жооп:** Силердин шартта, силердин кылганыңар туура. Тапканыңар арам болбойт. Залкар аалым Мустафа Заркаанын бул туурасында фатвасы бар.

Даярдаган ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ

# Картаң кой

Күндөрдүн биринде болор-болбос иш үчүн эки тууган кер-мур айтышып, таарынышып калышты. Чынында экөө тең айыл ичинде кадыр-барктуу адамдардан болчу. Теңтуштары: «Койгула эми, жарашкыла. Элжурт эмне дейт? Ашка-тойго барсаңар кантип жолугасыңар? Кантип бир дасторкондо отуруп тамак ичесиңер? Жарашып алгыла, андан көрө», – деп кайра-кайра суранышты.

Алгач улуусу да, кичүүсү да бул сөзгө макул болбой жүрүштү. Акыры: «Канча кылса да сен кичүү эмессиңби. Сен биринчи алдына түшчү», – деп кичүүсүн көндүрүштү.

Ошентип кичүүсү кой сойду. Тамакка баягы улуусу баш болуп, айылдын аттуу-баштуу адамдары, тууган-урук чакырылды.



Аңгыча тамак бышып, чоң табакка булоолоно салынып элдин алдына эт келди. Чогулгандар көбүнчө аксакал адамдар болгондуктан, бир-эки жаш жигит кошо кирип, этти устукандап алдыларына тартты. Мына, көйгөй ушул жерден башталды. Көрсө, үй ээси өтө карыган кой союп койгон тура. Аңсыз да тиши жок абышкалар колуна тийген этти ары чайнап, бери чайнап жута албай аябай убара болушту. Акыры айласы кеткен бечаралар эттен эптеп ооз тийимиш болуп, устукандарды кайра табакка салышты.

Тээ төрдө отуруп, ушунун баарын байкап отурган кыраакы карыя ошондо колун майлыкка аарчып: «Аа байкуш кой! Эки туугандын элдешээр күнүн күтүп жүрүп карталып калган турбайсыңбы?» – деп шыпшынып койду.

# Жөнөкөй чечим

Бир сапар жүк ташуучу чоң унаа тоннелге кирүүгө аракет жасайт. Бирок ал өтө бийик болгондуктан тешиктин кире беришинен эле кептелип калды. Толугу менен кирип кетүүгө кенедей эле, бир 1-2 сантиметр эле жолтоолук кылып туруп алды окшойт. Кыскасы, жол бүтөлүп, артта жеңил унаалардын тыгыны пайда болду. Ачууланган айдоочулар азан-казан түшүп, чурулдай баштады. Ал аңгыча ушундай окуялар боюнча маселе чечүүчү жол кызматкерлери да келип калышты. Алар канча аракет кылса да машинени алдыга түртүп киргизе албай, артка да тартып чыгара албай убара болушту.



Ушул учурда чакан үй-бүлө жеңил автоунаасы менен тыгынга келип калат. Алар да көпчүлүк катары бул жолдун ортосунда эмне болгон жыйын деп сонуркашып, тоннелдин оозунда эмне кыларын билбей отуруп калышкан жол кызматкерлердин жанына басып келишет. Иштин чоо-жайын түшүнгөндөн кийин ата-эне кол куушуруп: "Биздин колубуздан келбей турган иш экен" деп алаканын жайып четке чыгып баратса, алардын жетегинде жүргөн кичинекей кызы жумушчуларга кайрылып: "Байкелер, дөңгөлөктүн желин кичине чыгарып койсо, машине батып кетет го", – деген экен.

# МАНАСВОРД


Кроссвордубуздун жоопторун таап, сүрөткө тартыңыз дагы, вотсап аркылуу 0 (555) 20 45 71 номерине жибериңиз. Туура тапкан алгачкы тапкычка телефон номуруна **100 бирдик** салынат.

## Тикесинен

2. Манастын эң биринчи чоросу
4. Көкчөнүн зайыбы
6. Манас атабызга ислам динин үйрөткөн аалым
7. Көкөтөйдүн ашы өткөн жер
8. Сыргактын чакан кылычы
9. Шымдын түрү
10. Манастын он башысы
12. Манастын найзасы
13. Бокмуруундун тулпары
15. Санирабиганын кийинки аты
17. Манастын ити
19. Жоокерлердин идиши
20. Жылкычылардын башчысы
23. Алоокенин айбанат бакчасы
24. Учурдагы бала манасчы
26. Сапарга чыккандын тамагы
28. Манастын акыреттик жары
29. Буудайыктын уулу
32. Алооке Байды кууган жер
33. Манас буудайын баккан дыйкан
35. Акбалтанын уруусу
36. Манасты тарткан сүрөтчү
41. Коңурбайдын жылкычысы
43. Калмактын каныша катыны
46. Алмамбет баатырдын аялы
48. Көкөтөйдүн жери
49. Эштек уруусунун башчысы
50. Каныкейдин атасы
51. Чет Бээжинди караткан согуш
56. Бокмуруундун жарчысы

## Туурасынан

1. Манасты кара сөзгө оодарган жазуучу
3. Алмамбеттин мылтыгы
5. Абыке, Көбөштүн энеси
11. Ууланган Манасты сактаган чоро
12. Алмамбеттин атасы
14. Темиркандын зайыбы
16. Хан, султан деген мааниде
18. Манастын бала кездеги аты
21. Көкчөнүн атасы
22. Кан Кошойдун уруусу
25. Ала-Тоодон кыргызды сүргөн кытай
27. Жалгыз көздүү дөө
30. Манастын куралын жасаган уста
31. Коңурбайдын аты
34. Чыйырдынын өз аты
37. Чубактын атасы
38. Сыргак баатырдын аты
39. Бала Манас коюн баккан бай
40. Манастын биринчи аялы
42. Оогандын каны
44. Манастын мылтыгы
45. Кытайдын кыйын мергени
47. Жамгырчынын эли
49. Ороздунун балдарынын бири
52. Алтымыш тил билген баатыр
53. Алмамбеттин сүйгөнү
54. Кошой балбандын аты
55. Керик минген зор дөө
57. Жусуп Мамайдын атасы
58. Кыпчактын ханы
59. Бээжиндин каны
60. Аккулага тукумдаш тулпар
61. Кырк чоронун башчысы



## "Сaресептин" №32 санындагы кроссворддун жооптору

